БИЛИМДИ БААЛОО ЖАНА ОКУТУУ УСУЛДАРЫ БОРБОРУ
ЦЕНТР ОЦЕНКИ В ОБРАЗОВАНИИ И МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ
CENTER FOR EDUCATIONAL ASSESSMENT AND TEACHING METHODS

# 2022-жылы Жалпы республикалык тестти өткөрүүнүн жана Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорундагы гранттык жана контракттык орундарга кабыл алуунун жыйынтыктары

Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун отчёту

www.testing.kg

УДК 378
ББК 74.58
Р 34

Р 34 2022-жылы Жалпы республикалык тестти өткөрүүнүн жана Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорундагы гранттык жана контракттык орундарга кабыл алуунун жыйынтыктары: Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун отчёту. – Б.: 2022. – 146 б.

ISBN 978–9967–435–71–1

Бишкек,
Тыныстанов көч. 98, тел.: (0312) 66-48-38
e-mail: ceatm@ceatm.elcat.kg

Отчёттун үстүндө иштегендер:
Инна Валькова
Константин Титов (I-IX тиркемелер)
Чынар Батракеева
Айдай Олейникова
Коной Үсөнов

Кыргыз тилине которгон М. Давлетов.

Р 4309000000–09 УДК 378
ББК 74.58

ISBN 978–9967–435–71–1

**Кадырман окурмандарыбыз!**

Сиздердин көңүлүңүздөргө Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун (ББОУБ) 2022-жылы Жалпы республикалык тестти өткөрүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү кезектеги жылдык отчётун сунуш кылабыз.

Жалпы республикалык тестти уюштурууда жана өткөрүүдө көрсөткөн жардамы үчүн ББОУБнын жамааты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, аймактык билим берүү башкармалыктарынын кызматкерлерине, мектептердин директорлоруна жана мугалимдерине өзүнүн ыраазычылыгын билдирет.

ББОУБнын жамааты өзүнө жүктөлгөн жогорку жоопкерчиликти түшүнүп, ата-энелердин, абитуриенттердин жана коомчулуктун ишенимин актаганга бардык аракетин жумшайт. Дайыма биздин ишибиздин принциптери болуп калыстык, чынчылдык, ачыктык жана көз карандысыздык эсептелген.

Урматтоо менен,
Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун кызматкерлери

Бишкек,
Тыныстанов көч. 98, тел.: (0312) 66-48-38
e-mail: ceatm@ceatm.elcat.kg

Отчёттун үстүндө иштегендер:
Инна Валькова
Константин Титов (I-IX тиркемелер)
Чынар Батракеева
Айдай Олейникова
Коной Үсөнов

1. Долбоордун тарыхы.....................................................................................................5
2. Тесттин көз карандысыздыгы....................................................................................10
3. Тесттин купуялуулугу………...................................................................................11
4. Жалпы республикалык тесттин мазмуну...................................................................13
5. Предметтик тесттер.....................................................................................................15
6. Катышуучуларды каттоо жана тестти өткөрүү жол-жоболору ....................................15
7. Окууга кабыл алуу жараяны.......................................................................................17
8. 2022-жылкы Жалпы республикалык тесттин жыйынтыктары..........................................20

I тиркеме......................................................................................................................23
2022-жылкы Жалпы республикалык тесттин Кыргыз Республикасынын облустары боюнча жыйынтыктарынын гистограммалары жана таблицалары

II тиркеме. ....................................................................................................................33
Предметтик тесттердин жыйынтыктарынын гистограммалары жана таблицалары

III тиркеме. ...................................................................................................................45
Негизги тесттин бөлүмдөрү жана предметтик тесттер боюнча кыздардын жана уландардын жыйынтыктары

IV тиркеме. ..................................................................................................................47
2022-жылкы Жалпы республикалык тесттин катышуучуларынын жана ЖОЖдорго кабыл алынган абитуриенттердин мектеп категорияларына жараша бөлүштүрүлүшү

V тиркеме.....................................................................................................................51
Гранттык жана контракттык орундарга кабыл алынган абитуриенттердин ЖОЖдор жана Кыргыз Республикасынын облустары жана райондору боюнча бөлүнүшү

VI тиркеме....................................................................................................................74
Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун гранттык орундарына кабыл алынган абитуриенттердин ЖОЖдор жана райондор боюнча бөлүнүшү

VII тиркеме...................................................................................................................91
Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун гранттык орундарына кабыл алуу конкурсунун жыйынтыктары боюнча түзүлгөн адистиктердин рейтинги. ЖОЖдордогу адистиктердин рейтинги.

VIII тиркеме.................................................................................................................124
Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун контракттык орундарына кабыл алуу конкурсунун жыйынтыткары боюнча түзүлгөн адистиктердин рейтинги. ЖОЖдордогу адистиктердин рейтинги

IX тиркеме …….......................................................................................................... 123
Гранттык жана контракттык орундарга кабыл алуу конкурсунун жыйынтыктары боюнча жалпыланган рейтинги

## 1. Долбоордун тарыхы

Кыргыз Республикасында Жалпы республикалык тест (ЖРТ) жүргүзүү демилгеси билим берүү чөйрөсүндөгү реформалардын планын иштеп чыккан Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2002-жылы сунуш кылынган. Реформалоонун маанилүү маселелеринин бири болуп билим берүү чөйрөсүндө кесипкерлик деңгээлде баалоо жүргүзө алган көз карандысыз тест уюмун (КТУ) түзүү эсептелген. КТУнун маанилүү максаты катары ЖОЖдордо окуу үчүн мамлекеттик гранттарды алууга талаптанган мектептин окуучуларын объективдүү, ачык тесттен өткөрүү саналган. Мындай уюм расмий түрдө негизделип, катталган. Бул жеке, коммерциялык эмес уюм – Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору (ББОУБ) эле. Ал эми ЖРТ болсо окууга өтүү өнөктүгүн коштогон терс көрүнүштөрдү жоюуга жардам берген жана республиканын жогорку окуу жайларына чыныгы таланттуу жаштар өтө алгандай ачык-айкын, адилеттүү кабыл алуу жараянын камсыз кылган курал болуп калды.

**ЖРТнын максаты** – өлкөнүн жогорку окуу жайларында окуусун ийгиликтүү улантып кете ала турган эң жөндөмдүү абитуриенттерди аныктоо.

2022-жылы Жалпы республикалык тест жыйырма биринчи жолу өткөрүлдү.

2002–2022-жылдардын аралыгында Жалпы республикалык тестти өлкөнүн жогорку окуу жайларына окууга өтүүнү каалаган **872 162** киши тапшырды. Алардын ичинен жогорку окуу жайлардын гранттык орундарына **97 186** адам кабыл алынган. 2022-жылы ЖОЖдордун гранттык орундарына кабыл алынгандардын жалпы катарынан **67%ын** айылдык жана бийик тоолуу аймактардагы мектептерди бүтүргөндөр, **16,3%ын** Бишкек шаарынын жана **16,4 %ын** чакан шаарлар менен облус борборлорунун абитуриенттери түзөт.

Жалпы республикалык тесттин жыйырма жылдык өнүгүү динамикасы төмөнкүдөй:

### 2002-жыл

Кыргызстанда ЖРТ киргизилген алгачкы жылы үч бөлүктөн турган негизги тест иштелип чыккан:

- «Математика» бөлүмү, ал 40 тест тапшырмасын камтыган;
- «Текстти окуу жана түшүнүү» бөлүмү, 30 тапшырманы камтыган;
- «Эне тилинин практикалык грамматикасы» бөлүмү, ал дагы 30 тапшырманы камтыган.

### 2003-жыл

- Негизги тесттин курамына 30 тест тапшырмасынан турган «Аналогиялар (окшоштуктар) жана сүйлөмдөрдү толуктоо» бөлүмү кошулду.
- Өлкөнүн жогорку окуу жайларынын керектөөлөрүн эске алып, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу боюнча, Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору тарабынан химия, биология, англис жана немис тилдери боюнча предметтик тесттер иштелип чыкты.
- ЖРТга катталган ар бир абитуриент үчүн кыргыз, орус жана өзбек тилдеринде «Жалпы республикалык тестке даярданабыз» аттуу акысыз брошюралар иштелип жана басылып чыкты. Мындан ары ушундай брошюраларды ар бир абитуриентке таратып берүү жылдан жылга өтүүчү тажрыйба болуп калды.
- ЖРТ долбоору тарабынан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте ар бир абитуриентке ЖРТ катышуучусунун сертификатын берүү системасы колдонулду. Сертификаттын жана айрып алма талондордун жардамы аркылуу өлкөнүн ЖОЖдоруна өтүү жол-жобосун жакшыртуу мүмкүн болду.
- Абитуриенттер ЖРТга даярдануу үчүн негизги тест боюнча кыргыз жана орус тилдеринде колдонмолор иштелип жана басылып чыкты.
- Өлкөдөгү абитуриенттердин жашаган шарттары жана билим алган шарттары бирдей болбогондугун эске алып, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги квоталоо системасын киргизди. Ага ылайык мектептердин баары үч категорияга бөлүнгөн. Тигил же бул категорияга караштуу болгондугуна жараша тесттин катышуучуларынын сертификаттары өңү менен айырмалана баштап, ЖОЖдордун гранттык орундарына жарыяланган конкурс ар бир категориянын ичинде өткөрүлө баштады.

**2004-жыл**

- Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору тарабынан химия жана биология, англис жана немис тилдери боюнча кошумча предметтик тесттерге даярдануу үчүн колдонмолор иштелип чыгып, кыргыз, орус жана өзбек тилдеринде жарыкка чыкты.
- ББОУБ бул жылдан баштап ЖРТ менен байланышкан бардык маалыматтык материалдар, тесттин өткөрүлүшү боюнча жылдык отчёттор жана ЖРТга даярдануу үчүн материалдар (колдонмолор, тапшырмалардын мисалдары ж.б.у.с.) жайгаштырыла турган www.testing.kg интернет сайтын ишке киргизди.
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан ЖРТнын жыйынтыктары боюнча Кыргызстандын ЖОЖдорундагы гранттык орундарга гана эмес, контракттык орундарга да кабыл алуу системасы сынактан өттү.

**2005-жыл**

- Негизги тесттин математика бөлүмү кайрадан иштелип чыгып, ал өз ичине ар бири 30 тест тапшырмасынан турган 2 бөлүктү камтып калды.
- ББОУБ ЖРТга даярдануу үчүн колдонмолордун экинчи, жакшыртылган чыгарылышын даярдап чыгарды.

**2006-жыл**

- Жалпы республикалык тесттин «кечиккен каттоо» жол-жобосуна өзгөртүүлөр киргизилди.
- 2006-жылдан тартып ББОУБ жаңы «кошумча каттоо» жол-жобосун иш жүзүнө ашыра баштады. Колдонууга киргизилген жол-жобо коомчулук тарабынан оң баага арзыды, анткени ал абитуриенттер менен алардын ата-энелеринин акча каражаттарын үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк берди.

**2010-жыл**

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйрутмасы боюнча ББОУБ тарабынан тарых жана физика боюнча кошумча предметтик тесттер иштелип чыкты.
- ЖРТга даярдануу үчүн негизги жана предметтик тесттер (химия, биология, англис жана немис тилдери) боюнча колдонмолордун 3-чыгарылышы даярдалып, жарык көрдү.
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жаңы эреже киргизилип, ага ылайык мамлекеттик ЖОЖдорго окууга өтүү үчүн ар бир абитуриент милдеттүү түрдө негизги тестти жана тандап алган адистигине жараша, эң жок дегенде, бир предметтик тест тапшырууга тийиш болуп калды.
- Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна окууга алууда алардагы контракттык орундардын 50%ын ЖРТга катышкан абитуриенттер ээлеши керек деген эреже киргизилди.

**2011-жыл**

- Немис тили боюнча предметтик тестти тапшырууну тандаган абитуриенттердин саны жылдан жылга азайып келгендигине байланыштуу, предметтик тесттин бул түрү жоюлду.
- ББОУБ тарабынан ЖРТга даярдануу үчүн колдонмолор жакшылап кайрадан иштелип чыгып, жаңыдан басылып чыгарылды.
- ББОУБ Алиппе-TV компаниясы менен биргеликте кыргыз жана орус тилдеринде ЖРТга даярдануу боюнча видеосабактарды тартып, КТРК каналында көрсөтүүлөрдү уюштура баштады.
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен мамлекеттик жогорку окуу жайларынын (алардын менчик түрүнө карабай) гранттык да, контракттык да билим алуу формасындагы күндүзгү окуу бөлүмдөрүнө окууга өтүү үчүн ар бир абитуриент ЖРТ тапшыргандыгынын жыйынтыктарын көрсөтүшү керек деген жобо киргизилди.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 40-беренесин толугу менен аткаруу кадамдарын жасады. Аталган беренеде мындай деп жарыяланган: «Жогорку окуу жайларына кабыл алуу Жалпы республикалык тесттин жыйынтыктарынын негизинде жүргүзүлөт». Ошону менен министрлик тарабынан өлкөнүн жогорку окуу жайларындагы бюжеттик гана эмес, контракттык орундарга да кабыл алуудагы коррупция менен күрөшүү жана бардыгы билим алууда бирдей мүмкүнчүлүк менен камсыз болуу жаатында дагы бир кадам шилтенди.

**2012-жыл**

- Менчик түрүнө карабай, бардык ЖОЖдорго, алардагы бардык бөлүмдөргө: күндүзгү (гранттык жана контракттык орундар), сырттан окуу, дистанттык окуу бөлүмдөрүнө окууга өтүү үчүн ЖРТны тапшыруу милдеттүү болуп калды.
- Тийиштүү адистиктер үчүн предметтик тест катары математика боюнча тест киргизилди.
- ББОУБ Алиппе-TV кампаниясы менен биргеликте кыргыз жана орус тилдеринде ЖРТга даярдануу боюнча видеосабактарды тартып КТРК каналында көрсөтүүлөрдү ишке ашырды.
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен Бишкек жана Ош шаарларында «кечиккен тестке» каттоо жүргүзүлүп, июнь айында ар кандай себептер менен май айында болуп өткөн негизги тестке катыша албай калган абитуриенттер үчүн тест өткөрүлдү.

**2013-жыл**

- Тесттин жеткиликтүүлүгү, ачык-айкындыгы жана тест материалдарынын сактоо коопсуздугун жогорулатуу үчүн ББОУБ тестти өткөрүүнүн схемасына өзгөртүүлөрдү киргизди: ЖРТ эми бардык республика боюнча бир убакытта башталат.
- ББОУБ ЖРТга даярдануу боюнча колдонмолорду кайрадан жакшыртып иштеп чыгып, кыргыз жана орус тилдеринде негизги тест жана химия/биология сабактары боюнча колдонмолордун жаңы басылышы жарык көрдү.

**2015-жыл**

- Абитуриенттерден келген суроо-талаптардын негизинде ББОУБ кыргыз жана орус тилдеринде «Өз күчүңдү Жалпы республикалык тестти аткарууда сынап көр: чыныгы тест тапшырмалары» аттуу эки жаңы колдонмо иштеп чыгарды. Бул колдонмолор негизги тестке жана химия/биология сабактары боюнча предметтик тесттерге даярдануу үчүн багытталган. Бул колдонмолордун ар биринде чыныгы Жалпы республикалык тестке кирген тапшырмалар камтылган.

**2016-жыл**

- Предметтик тесттерден абитуриенттердин ЖРТга даярдануусу үчүн кыргыз жана орус тилдеринде математика, физика, тарых жана англис тили боюнча чыныгы тесттин тапшырмаларынан турган колдонмолор даярдалып, чыгарылды.
- Тестке даярдануу үчүн www.testing.kg сайтында кыргыз жана орус тилдеринде негизги жана предметтик тесттер (химия, биология, физика, математика, тарых жана англис тили) боюнча акысыз сынак онлайн тесттер иштелип чыгып, сунушталды.

Андан тышкары ББОУБнын кеңсесинде компьютердик сынак тесттер даярдалып, өткөрүлүп турат.

**2017-жыл**

- Негизги тест жана химия, биология боюнча предметтик тесттерге даярдануу үчүн кыргыз жана орус тилдеринде колдонмолор кайрадан жаңыртылды.
- Негизги тест жана предметтик тесттер боюнча тест тапшырмаларынын варианттарынын саны көбөйдү.

**2020-жыл**

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйрутмасы боюнча филологиялык адистиктер үчүн кыргыз тили жана адабияты жана орус тили жана адабияты боюнча предметтик тесттер киргизилди.
- «Илим-Элим» онлайн платформасы менен биргеликте ЖРТнын негизги тестине даярдануу үчүн кыргыз тилинде 25 видеосабак тартылды. Видеосабактар ББОУБнын сайтында жана расмий YouTube каналында, «Mega 24», «О» уюлдук операторлорунун мобилдик тиркемелерине акысыз жайгаштырылып, андан тышкары ЭлТРден, КТРКнын «Баластан» телеканалынан көрсөтүлдү.

**2021-жыл**

- Алгачкы жолу Жалпы республикалык тестке катышуу үчүн абитуриенттерди каттоо системасы

ББОУБнын сайтынын электрондук платформасында онлайн форматта өткөрүлдү. Онлайн каттоо системасын киргизүү абитуриенттер жөнүндө кененирээк маалымат алууга, маалыматтарды тезирээк иштетүүгө, банктар жана мобилдик тиркемелер аркылуу каттоо акыны төлөөнү автоматташтырууга мүмкүнчүлүк түздү.

**2022 жыл**

- Абитуриенттердин жана алардын ата-энелеринин маалымдуулугун жогорулатуу максатында ЮНИСЕФтин колдоосу менен ЖРТ жөнүндө орус жана кыргыз тилдеринде 10 видео ролик иштелип чыгарылды. Роликтерде ЖРТны кимдер тапшыра ала тургандыгы, ЖРТ учурунда абитуриенттердин жүрүм-турум эрежелери, тестке кирүү үчүн керектүү документтер, белгилүү бир адистикке тапшырууга керек болгон предметтик тесттер, жооп баракчаларын кантип туура толтуруу керектиги, ЖРТны ийгиликтүү тапшырууга даярдануунун ар кандай жолдору жөнүндө кеңири айтылат.

1-таблицада 2002–2022-жылдардагы Жалпы республикалык тест жөнүндө кыскача маалыматтар берилген.

1-таблица.
Кыргыз Республикасы. Жалпы республикалык тест (ЖРТ) 2002–2022-жж.

**Окууга кабыл алынган абитуриенттердин Кыргыз Республикасынын облустары боюнча саны**

| Жыл | ЖРТга катышкан-дардын саны | Кыргызстандын ЖОЖдорундагы гранттык орундарга кабыл алынгандардын саны* | Айыл мектептеринен кабыл алынган абитуриенттер (% түрүндө) | ЖРТга катышкан-дар. Тест баллынын орточо көрсөткүчү | Кабыл алынган абитуриенттер. Тест баллынын орточо көрсөткүчү | Баткен | Бишкек ш. | Жалал-Абад | Ысык-Көл | Нарын | Ош | Талас | Чүй |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2002 | 13807 | 5000 | 66,0 | 100,2 | ---** | ---** | ---** | ---** | ---** | ---** | ---** | ---** | ---** |
| 2003 | 35247 | 4626 | 63,9 | 114,2 | 146,4 | 406 | 659 | 664 | 513 | 475 | 986 | 280 | 643 |
| 2004 | 39284 | 5204 | 61,5 | 122,4 | 152,6 | 294 | 958 | 699 | 663 | 535 | 1066 | 293 | 696 |
| 2005 | 33372 | 5368 | 61,9 | 112,7 | 145,0 | 394 | 990 | 815 | 651 | 557 | 1023 | 315 | 623 |
| 2006 | 33400 | 4962 | 65,6 | 113,9 | 143,5 | 380 | 795 | 808 | 641 | 550 | 937 | 257 | 594 |
| 2007 | 34225 | 4787 | 70,8 | 114,6 | 143,7 | 362 | 715 | 784 | 639 | 557 | 900 | 233 | 597 |
| 2008 | 33431 | 4988 | 69,7 | 114,9 | 140,6 | 420 | 777 | 792 | 670 | 605 | 915 | 276 | 533 |
| 2009 | 33579 | 4929 | 69,4 | 114,0 | 139,9 | 431 | 686 | 827 | 644 | 594 | 943 | 240 | 564 |
| 2010 | 30264 | 4472 | 71,9 | 113,5 | 134,9 | 340 | 679 | 726 | 597 | 575 | 851 | 208 | 496 |
| 2011 | 39525 | 4526 | 70,5 | 111,3 | 136,3 | 411 | 683 | 700 | 556 | 597 | 977 | 220 | 382 |
| 2012 | 55546 | 4593 | 66,1 | 109,4 | 141,5 | 346 | 864 | 639 | 657 | 552 | 823 | 228 | 484 |
| 2013 | 52777 | 4544 | 65,6 | 109,8 | 145,0 | 377 | 873 | 690 | 626 | 544 | 774 | 236 | 424 |
| 2014 | 53200 | 4633 | 68,4 | 104,9 | 134,8 | 417 | 820 | 696 | 577 | 532 | 736 | 261 | 357 |
| 2015 | 53048 | 4130 | 64,1 | 114,6 | 149,5 | 361 | 892 | 542 | 524 | 504 | 697 | 209 | 401 |
| 2016 | 52039 | 4258 | 65,8 | 115,4 | 150,0 | 413 | 797 | 622 | 529 | 488 | 774 | 233 | 402 |
| 2017 | 48449 | 4561 | 67,0 | 117,8 | 148,4 | 413 | 899 | 660 | 563 | 472 | 884 | 250 | 420 |
| 2018 | 46514 | 4495 | 70,4 | 119,5 | 148,9 | 440 | 717 | 735 | 553 | 496 | 971 | 244 | 339 |
| 2019 | 44 289 | 4375 | 65,1 | 123,3 | 151,0 | 401 | 683 | 630 | 515 | 496 | 835 | 273 | 360 |
| 2020 | 43 963 | 4199 | 66,1 | 120,2 | 145,6 | 400 | 777 | 608 | 448 | 410 | 770 | 202 | 360 |
| 2021 | 45 020 | 4125 | 67,5 | 120,5 | 148.6 | 449 | 737 | 525 | 457 | 444 | 969 | 198 | 346 |
| 2022 | 51 183 | 4 411 | 48,8 | 119,9 | 149,1 | 476 | 762 | 601 | 535 | 426 | 1007 | 218 | 386 |

**Бардыгы: 872 162 97 186**

* - кабыл алуу боюнча маалыматтар Кыргыз Республикасынын ЖОЖдору тарабынан берилди. ** - кабыл алуу боюнча кеңири маалымат берилген жок.

**Жалпы республикалык тест Кыргызстанга кандай пайда алып келет?**

ЖРТнын эң маанилүү пайдасы – абитуриенттердин материалдык, социалдык абалына же республиканын кайсы жерлеринде жашагандыгына карабастан, аларга окуу жайларга **өз күчү менен өтүү мүмкүнчүлүгүн түзүп берүү**. Мындан тышкары, ЖРТнын натыйжасында:

- мугалимдер окутуу үчүн, окуучулар окуу үчүн мотивация алышты, анткени мектеп директорлорун сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча, акысыз жогорку билим алуунун анык мүмкүнчүлүгү мугалимдерди да, окучууларды да күч күрөөгө эң жакшы шыктандырды;
- бүтүрүүчүлөрү ЖОЖдорго өткөн мектептердин саны көбөйдү;
- ЖОЖдордо алыскы аймактардан келген студенттердин саны өстү;
- коомчулуктун ишеними күчөп, жашоодо оң өзгөрүүлөр мүмкүн деген үмүт пайда болду;
- билим алуунун негизги куралы катары тексттерди окуунун маанилүүлүгүнө басым жасалды, анткени тестте окуучулардын окуган текстин канчалык түшүнгөндүгүн текшерүүнү көздөгөн атайын бөлүм бар;
- математика, окуу, химия, биология, физика, тарых, кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, англис тили сабактарында алынган билимдерди **колдонуунун** маанилүүлүгү баса белгиленди, анткени тестте басым фактыларды эстегенге эмес, алган билимди колдонууга жасалат;
- окуу жана жазуу менен катар, азыркы замандагы билимдүү адамдын негизги куралдарынын бири математикалык билим экендигине өзгөчө басым жасалды ж.б.у.с.

## 2. Тестти өткөрүүнүн көз карандысыздыгы

Тестти иштеп чыккан жана өткөргөн тесттик уюмдун көз карандысыздыгы өкмөттук документтер менен регламенттелген. Эгерде адамдар жогорураак кызматта иштегендерге жана алардын «телефон чалууларына» көз каранды эмес болсо, өз өз ишинин ийгилиги жумушун таза аткарып, анын жыйынтыктарын кесипкөй адистер түзгөн куралдарды, усулдарды колдонуп аткаруудан гана көз каранды болсо, анда алар өз ишинин жыйынтыктарынын толугу менен объективдүү болушуна кызыктар болот. Жумушту ачык-айкын өткөрүп, анын бардык жол-жоболорун дыкаттык менен аткарып, жыйынтыктарынын тактыгын камсыз кылган учурда, коомчулуктун ишеними да артат.

Тест кызматында иштегендер бир эле нерсеге – илим мыйзамдарына көз каранды болушат.

Албетте, тест мамлекеттин саясатына көз каранды болбой коё албайт, анткени тестти заказ кылган – заманбап коом, анын өз керектөөлөрү, талаптары, өнүгүү мыйзамдары бар. Тест күчтүү саясий колдоого муктаж, бирок аны өткөргөн мекеме өзү, анын кызматкерлери саясий күрөшкө, саясий күчтөрдүн алган ордуна, кимдир бирөөнүн кызыкчылыктарына көз каранды эмес. Жалпы республикалык тестти алсак, аны өткөргөн мекеменин милдети – жогорку окуу жайларда окуусун ийгиликтүү улантып кете ала турган адамдардын жөндөмдөрүн ченөөгө жараган максималдуу так куралды түзүп чыгуу. Ушул бирдей куралдын жардамы менен ЖОЖдорго тапшыра турган бардык абитуриенттер алардын үй-бүлөлүк, социалдык абалына же ата-энесинин материалдык дараметине карабастан ченөөдөн өтүүгө тийиш.

Бирок тестти өткөргөн уюмдун көз карандысыздыгын эч кимге эсеп-жооп бербейт же эч кимдин көзөмөлүнүн алдында эмес деп түшүнүүгө болбойт. Жалпы республикалык тестти өткөрүүдө Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору тесттин жана тест өткөрүү процессинин негизги мүнөздөмөлөрүн регламенттеген нормативдик документтерге таянат. Ошондой эле ЖОЖдорго өтүү конкурсун өткөрүү жараяны жана абитуриенттерди гранттык орундарга кабыл алуу тартиби да регламентке салынган. Тесттин максатын жүзөгө ашыруу үчүн ББОУБ Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен, жергиликтүү деңгээлдеги билим берүү бөлүмдөрү, мектептер жана ЖОЖдор менен тыгыз алакада иштейт. Борбордун ишмердүүлүгүнө тике көзөмөл жүргүзгөн орган – Камкорчулар Кеңеши, анын алдында борбор өз ишмердүүлүгүнүн эң маанилүү багыттары боюнча эсеп-жооп берип, эң маанилүү чечимдерди аны менен бирге кабыл алат.

Кыргызстандын мектептеринин бүтүрүүчүлөрүн ЖОЖдорго өтүү үчүн тесттен өткөрүүнү мамлекеттин буйрутмасы боюнча көз карандысыз, жеке, коммерциялык эмес уюм жүргүзгөн Евразиядагы биринчи өлкө болуп эсептелет.

## 3. Тесттин купуялуулугу

Тест жакшы натыйжа берип, кандай максатта түзүлсө, ошону ченеш үчүн, тактап айтканда, валиддүү болуш үчүн купуялуулук катуу сакталат. Тест мазмунунун купуялуулугун сактоо жана тесттин жыйынтыктарына таасир берүү мүмкүн болбой тургандыгын кепилдикке алуу – ар бир абитуриенттин тагдырына да, Кыргызстандын ЖОЖдорундагы бюжеттик орундардын бөлүштүрүлүшүнө да чоң тааасир тийгизүүчү маанилүү чечимдерди кабыл алууга мүмкүнчүлүк берген зарыл шарттар. Жөнөкөй тил менен айтканда, тест тапшырмалары сатылбагандыгын, белгилүү бир төлөмдүн аркасы менен абитуриент чындыгында топтогондон жогорураак упай жазылган сертификатты алуу мүмкүн болбогондугун кепилдикке алуу зарыл. Тажрыйба көрсөткөндөй, абитуриенттердин өздөрүн да, алардын ата-энелерин да, баарыдан мурда, тынчсыздандырган суроолор мына ушулар. Бардык зарыл талаптар сакталгандыгын толук ынанып айтууга мүмкүндүк берген эң биринчи маанилүү далил – бул уюмдун ар бир мүчөсү ББОУБнын аброюнун колдоого аябагандай кызыктар болгондугу, анткени бул уюмдун туруктуулугун жана андагы кызматкерлердин жумушу бар болгондугун камсыз кылат. Ошентип, ички жана тышкы коррупцияга каршы жүргүзүлгөн күрөш уюмдун ар бир кызматкерине пайда гана алып келет. Андан тышкары ББОУБнын кызматкерлери бир катар документтерге кол коюшуп, ошол документтерде кызматтык тартип бузулган учурда олуттуу жазага тартуу каралган. Жогоруда айтылып кеткендей, уюмдун ишмердүүлүгүн көзөмөлгө алуу ББОУБнын Камкорчулар Кеңеши тарабынан ишке ашырылат.

ББОУБда купуялуулуктун бир катар жол-жобосу иштелип чыккан жана такай өркүндөтүлүп келет. Ошол жол-жоболордун так аткарылышы уюмдун ичинен да, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы Аппаратынын , абитуриенттердин ата-энелери жана абитуриенттердин өздөрү тарабынан да көзөмөлдөнүп турат. Аталган жол-жоболор тест тапшырмаларынын түзүлүшүн, тапшырмалардын сыналышын, тесттин чогултулушун, көбөйтүлүшүн, өткөрүлүшүн, тест материалдарынын сакталышын, тест жыйынтыктарынын иштелип чыгышын, тест жыйынтыктарынын берилишин ж.б.у.с. жөнгө салат. Төмөн жакта ошол жол-жоболордун айрымдары жөнүндө маалыматтар берилген.

| ***Тест материалдарынын купуялуулугу – ченөө тактыгынын зарыл шарты.*** |
| --- |

Тест атайын даярдыктан өткөн жана бүгүнкү күнү тест тапшырмаларын түзүүдө жетиштүү тажрыйбасы бар Кыргызстандын мектептеринин мугалимдери жана ЖОЖдордун окутуучулары тарабынан ББОУБнын кеңсесинде иштелип чыгат. Тапшырмаларды жазып бүткөндөн кийин иштеп чыкан адам аны рецензиялоого берет. ББОУБда көп баскычтуу рецензиялоо колдонулуп, бир эле тапшырма эң кеминде 5 рецензиядан өткөндөн кийин гана тест тапшырмалардын банкына түшөт. Рецензиялоодон өткөн тапшырмалар кыйла оңдоолорго, кошумча иштеп чыгууларга жана өзгөрүүлөргө учурашы мүмкүн. Ошон үчүн тапшырманын акыркы варианты баштапкысынан бир топ айырмаланат. Тапшырмаларды иштеп чыккан адамдын өзү кабыл алынган тапшырмалар андан кийин эмне болорун билбейт. Ал тапшырма кандай өзгөргөндүгү, кайсы тестте (ББОУБда азыркы учурда тесттердин бир нече түрү иштелип чыгат) жана качан колдонула тургандыгы, дегеле колдонулуп-колдонулбаганы туурасында маалымат албайт. Бул тапшырма тапшырмалардын электрондук банкына жайгаштырылып, сыноодон өтүп, татаалдыгы, бөлүштүрүү жөндөмдүүлүгү ж.б.у.с. так статистикалык мүнөздөмөлөргө ээ болгондон кийин гана колдонулат. Сыноодон тесттер эмес, тапшырмалар банкындагы суроолор өтөт. Сыноого чейин алардын болжолдуу гана мүнөздөмөлөрү болуп, алар эксперимент аркылуу текшерилиши керек. Бир дагы тапшырма эксперимент аркылуу сыноодон өтмөйүнчө, тестке киргизилбейт. Ошол эле мезгилде сыналган тапшырмалардын баары эле иштелип чыккан жылы тигил же бул тесттин тутумуна кире бербейт. Тесттин акыркы варианты алдын ала белгиленген мүнөздөмөлөр, иштелип чыккан матрица боюнча тесттин алдында түзүлөт.

Купуя маалыматтарды камтыган компьютерлер жергиликтүү тармакка да, интернетке да байланышпайт жана белгилүү бир так кармалуучу жол-жоболор боюнча гана ачылат. ББОУБдагы бир дагы адам тестке байланыштуу толук маалыматка ээ боло албайт. Анын өз алдынча бөлүктөрүнө ээ болгон адамдардын алкагы да өтө чектелген. Борбордун көпчүлүк кызматкерлери

купуя маалыматты ача алышпайт. Тест нускалары ББОУБнын коопсуздук кызматынын көзүнчө көбөйтүлөт. Нускалоо жасалып жаткан жайга видеокамералар орнотулуп, видеобайкоо жана видеожазуу жүргүзүлөт. Мындан тышкары, басып чыгаруучу уюм жана тесттерди чыгарууга байланыштуу ар бир кызматкер купуялуулукту сактоо жөнүндө жеке макулдашууга кол коет.

Түзүлгөн тесттин даяр ачкычтары (ачкыч – тапшырманын туура жообу) бүт өлкөдө тест бүтмөйүнчө жана бардык жооп баракчалары сканерге түшүрүлүп бүтмөйүнчө түзүлбөйт. Тест сынак тапшырып жаткандардын колуна тиймейинче, эч ким толук тестти көрбөөгө тийиш жана тапшырма аткарылып жаткан мезгилде же тесттин башка бир баскычтарында эч ким абитуриентке жардам бере албайт.

150 суроодон жана ар башка 5 бөлүктөн туруп, көптөгөн варианттары бар тесттин даяр ачкычтары жок болгондугу (өзүнчө көптөгөн варианттары бар предметтик тесттерди эсепке албаганда деле), тестти өткөргөн администраторлордун бири тест аткарууда жардам бергиси келген күндө да, анда мындай мүмкүнчүлүк жок болоруна кепилдик болот. Тестти өткөрүүдө да катуу карманган жол-жоболор иштелип чыгып, администраторлорго тест материалдары менен жалгыз калууга тыюу салынган. Тест материалдарын санап чыгуудан баштап, аларды таратып берүү, чогултуу жана таңгактоо сыяктуу тест материалдары менен жүргүзүлүүчү операциялардын баары тестти өткөрүү тайпасынын бардык мүчөлөрүнүн катышуусу менен аткарылат.

Жооп баракчаларынын баарын сканерге түшүрүп, маалыматтарды электрондук базага киргизгенден кийин, жооптордун ачкычтары түзүлө электе жана жыйынтыктар эсептеле электе, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, массалык маалымат каражаттарынын, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы Аппаратынын жана “Перемена”коомдук фондунун өкүлдөрүнүн көзүнчө абитуриенттердин жооптору компьютердик дискке жазылат. Ошол диск банктын (демейде эл аралык банктын) сейфине салынат. Банк чөнөгүнүн (ячейка) ачкычы ББОУБнын кызматкерлери болбогон эки адамда сакталат. Демейде алардын бири Билим берүү министрлигинин, бири эл аралык уюмдун өкүлү болот. Ошол чөнөктү ачуу үчүн бир эле мезгилде ошол жерде аталган эки кишинин, ББОУБ өкүлүнүн жана банк кызматкеринин болушу талап кылынат. Чөнөк ачылган сайын бул тууралуу банктын журналына жазылат. Диск Кыргызстандын бардык ЖОЖдорунда бардык абитуриенттерди кабыл алуу жараяны бүтмөйүнчө, банкта сакталып турат. Абитуриенттердин жоопторунун бул электрондук базасы өзгөртүүгө мүмкүн болбогон жана берилген жыйынтыктар менен качан болсо да текшерүү мүмкүн болгон үлгү болуп эсептелет. Ошентип, маалымат базасындагы упайларды өзгөртүү жана жасалма упайлар жазылган сертификатты берүү мүмкүнчүлүгү толук жоюлат.

Тесттин катышуучулары өз упайлары кандайча эсептелгендиги жөнүндө жооп алыш үчүн жана компьютер алардын упайларын туура эсептегенин текшериш үчүн ЖРТда эки баскычтан турган консультациялар колдонулат. Консультациялардын биринчи туру тест өтүп жаткан учурда жүргүзүлөт. Тест башталар алдында ар бир аудиторияда окулган администратордун сөзүндө, эгерде суроолор же тесттин тапшырмаларына сын-пикир пайда болсо, тесттин тапшырмаларын аткарып бүткөндөн кийин абитуриент атайын түзүлгөн так эместиктер формасын толтуруп бериши зарыл. Ал формада абитуриент тестте эмне түшүнүксүз болгондугун же тапшырмаларга карата кандай сын-пикири бар экендигин жазып берет. Ушул эле формага ал өз телефон номерин же башка байланыш каражатын жазат. Ар бир форма жазып кайрылган катышуучуга борбордон консультант байланышып, тапшырманы чогуу талдап чыгышат. Эгерде тест тапшырмасына карата коюлган сын-пикирде негиз бар болсо, анда бул тапшырма бардык тест тапшырган катышуучулар үчүн да эсепке алынбайт. Эгерде тест тапшырмасында ката жок болсо, анда катышуучуга тапшырма түшүндүрүлүп берилет.

Консультациянын экинчи баскычы упайларды эсептөө боюнча консультация деп аталат. 2022-жылы аймактарда жашаган абитуриенттерге ыңгайлуу болуш үчүн консультациялар офлайн жана онлайн форматта дагы өткөрүлдү. Консультациялардын салттуу түрдө өткөрүлүшү, абитуриенттер менен алардын ата-энелерине түздөн-түз ББОУБнын кеңсесине келип, катышуучулардын жооп барактарындагы упайлар туура эсептелгендигине ынанышын камсыздайт. Бул учурда абитуриенттин колуна анын жооп барагы берилип, ал ББОУБнын консультанты менен чогуу өзү же ата-энеси менен бирге жооп барагындагы топтогон упайларын

эсептеп көрсө болот. Консультация учурунда абитуриент тест дептеринин номерин туура эмес боёп койгон, калеминин сыясы жайылып кеткен, туура эмес жоопторду оңдогондо квадрат менен эмес, тегерек менен боёп койгон учурлар кездешет. Мындай учурлар ар бир катага жараша компьютерде упайлардын туура эмес эсептелишине алып келет. Эгерде ката техникалык болсо жана тесттин катышуучусунун билим алуу жөндөмдөрүнүн көрсөткүчү эмес болсо, ал упайларын кайрадан эсептеп чыгуу үчүн арыз жазууга укуктуу.

Бул катышуучулардын арыздары тест аяктагандан баштап ЖОЖдорго кабыл алуу конкурсу башталганга чейин атайын Жалпы республикалык тест менен байланышкан суроолор боюнча Бирдиктүү комиссия тарабынан каралат. Бул комиссия ББОУБнын, Кыргыз Респубикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы аппаратынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин коррупцияны алдын алуу секторунун жана "Перемена" коомдук фондунун өкүлдөрүнөн турат. Комиссиянын отурумунда бардык түшкөн арыздар каралат. Комиссиянын мүчөлөрүнө техникалык ката болгондугу тууралуу бардык документтештирилген далилдер көрсөтүлгөндөн кийин гана, болгон каталарды эске алуу менен сертификаттагы упайды кайра эсептеп чыгуу мүмкүн же мүмкүн эместиги жөнүндө чечим кабыл алынат.

**ББОУБ республиканын ЖОЖдоруна кабыл алуу конкурсун өткөрбөйт жана ал үчүн жооп бербейт**, бирок конкурс өткөндөн кийин, кабыл алар алдында ар бир ЖОЖ кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин топтогон упайларын ырастоо үчүн алардын тизмелерин ББОУБга жөнөтөт. ББОУБ кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмелеринде көрсөтүлгөн упайлар менен Борбордун электрондук базага киргизилген упайларды салыштырып, бардыгы туура болуп чыккан учурда тизмелердин ар бир бетине ББОУБнын директорунун колу жана уюмдун мөөрү коюлат. Андан кийин бул тизмелер милдеттүү түрдө ЖОЖдордо абитуриенттер менен алардын ата-энелери көрө алгандай кылып, көрүнө жерге илинүүгө тийиш. Мындай жол-жобо өтө маанилүү, анткени ал аркылуу ар бир абитуриент жана ар бир ата-эне ЖОЖдордун гранттык жана контракттык орундарына кабыл алуу канчалык адилеттүү өткөндүгүн көрө алат.

## 4. Жалпы республикалык негизги тесттин мазмуну

Тестти өткөрүү – педагогикалык ченөөнүн эң бир татаал куралы. Тест өз-өзүнчө тест тапшырмаларынан тургандай көрүнгөнү менен, чындыгында, ал кылдаттык менен түзүлгөн система болуп, анын ар бир курамдык бөлүгү так аныкталган орунда туруп, ушул тесттин чегинде өзүнө гана таандык, кайталангыс ченөөлөргө жана милдеттерге ээ болуп, өз милдеттерин аткарат да, бардык бөлүктөр менен жалпылыкта иштейт.

Жалпы республикалык тест көп варианттагы жооптору бар, алардын бири гана туура болгон тапшырмалар форматында жасалган.

Тесттин мындай форматы кокусунан тандалып алынган эмес. Ал тесттин жыйынтыктарын эсептөөдө адамдын кийлигишүүсүн минималдуу кылып азайтат. Жараяндардын баары автоматташтырылып, бул тесттин жыйынтыгына адамдык субъективдүү фактордун таасир берүүсүн жокко чыгарат.

> *ЖРТ өткөрүлгөн бардык жылдардын ичиндеги тест упайларынын орточо мааниси гендердик да, аймактык да белгилер боюнча өзгөргөн эмес – бул тест системасынын компетенттүүлүгүн да, туруктуулугун да айгинелеп турат. Педагогикалык ченөөлөр үчүн, абитуриент тестти кайда, качан, кайсы жылы, анын кайсы вариантын тапшыргандыгына карабай, ченөө куралынын туруктуу, тест тапшырмаларынын татаалдык деңгээли бирдей болуусу зарыл. Бул болсо тесттин ишенимдүүлүгүн көрсөтүп турган биринчи көрсөткүч – анын жакшы сапатта болгондугунун белгиси.*
>
> **Дэн Девидсон**
> Эл аралык билим берүү боюнча америкалык кеңештер ассоциациясынын Президенти

Тест төмөнкүдөй үч бөлүмдөн турат:

- **математика бөлүмү (90 мүнөт)**
- **вербалдык (сөздүк) бөлүм (90 мүнөт)**
- **кыргыз же орус тилинин практикалык грамматикасы (35 мүнөт)**

**Математика бөлүмү** эки бөлүктөн турат: *салыштырууга берилген тапшырмалар (30 мүнөт) жана туура жообун тандоого сунушталган тапшырмалар (60 мүнөт).*

**Вербалдык бөлүм** да эки бөлүктөн турат: *окшоштуктар жана сүйлөмдөрдү толуктоо (30 мүнөт) жана текстти окуу жана түшүнүү (60 мүнөт).*

Тесттер абитуриенттердин тандоосуна, тесттен өтүп жаткан адам өзүнүн билим-жөндөмдөрүн кайсы тилде жакшыраак көрсөтө аларына жараша эки тилде: кыргызча жана орусча – сунуш кылынат.

Керектүү тариздерди толтурууга жана нускамаларды угууга кеткен убакытты эсепке албаганда, тесттин узактыгы **3 саат 35 мүнөттү** түзөт.

## 5. Предметтик тесттер

Жалпы республикалык тесттин чегинде **химия, биология, физика, математика, тарых жана англис тили** боюнча предметтик тесттер өткөрүлүп келген. 2020-жылдан баштап Кыргыз Респупликасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйрутмасы боюнча филологиялык адистиктер үчүн **кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты** боюнча предметтик тесттер киргизилген.

Предметтик тесттерди тигил же бул предметтик тестти тапшырууну талап кылган адистиктерге окууга өтүүнү каалаган абитуриенттер тапшырышат. Предметтик тесттердин максаты негизги тесттин максатынан башкача. Предметтик тест жетишкендиктерди баалайт. Бул учурда окуучулардын тигил же бул предметтеги окуу жетишкендиктерине баа коюлат. Бирок бул жерден да басым алардын эске тутуусун текшерүүгө эмес, окуп үйрөнгөндөрүн түшүнүүсүн жана алган билимдерин колдоно билүүсүн текшерүүгө жасалат.

| **Предметтик тесттер** | **Тапшырмалардын саны** | **Убакыт** |
|---|---|---|
| Химия | 40 | 80 мүнөт |
| Биология | 40 | 60 мүнөт |
| Физика | 40 | 80 мүнөт |
| Математика | 40 | 80 мүнөт |
| Тарых | 40 | 60 мүнөт |
| Англис тили | 50 | 60 мүнөт |
| Кыргыз тили жана адабияты | 40 | 60 мүнөт |
| Орус тили жана адабияты | 40 | 60 мүнөт |

Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору предметтик тесттерди Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен (КР ББИМ) келип түшкөн буйрутманын негизинде иштеп чыгат. Өз кезегинде, КР ББИМ предметтик тесттерге болгон өз буйрутмаларын жогорку окуу жайлардын керектөөлөрүнө таянып жасайт.

## 6. Катышуучуларды каттоо жана тестти өткөрүү жол-жоболору

2022-жылы Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына тапшыруу үчүн Жалпы республикалык тест (ЖРТ) өз убагында 23–28-майда, 117 тест борборунда өткөрүлдү.

2022-жылы Жалпы республикалык тест эки этап менен өткөрүлдү:

1-этап – **24–25-май,**

2-этап – **27–28-май.**

Тестке убагында катыша албай калган абитуриенттер үчүн **24–25-июнда** Бишкек, Ош шаарларында кошумча тест өткөрүлдү.

Жалпы республикалык тестке катышуу үчүн абитуриенттерди **каттоо ББОУБнын сайтынын электрондук платформасында онлайн форматта** былтыркы жылдай эле өткөрүлдү.

Тестке катталган абитуриенттер гана киргизилди. 2022-жылы каттоодон жалпы 51 771 адам өттү. Алардын ичинен 46 878 катышуучу февраль – апрель айларындагы онлайн каттоо учурунда, 3 361 адам – май айындагы кошумча каттоо учурунда жана 944 адам – июнь айында өткөрүлгөн кошумча каттоо мезгилинде катталган. Каттоонун жол-жобосу абитуриенттер үчүн ыңгайлуу болду. 11-класстардын окуучулары, техникумдар менен колледждердин, атайын орто окуу жайлар менен кесиптик лицейлердин бүтүрүүчүлөрү онлайн каттоо системасына кирүү үчүн логин жана паролдорду түздөн-түз өздөрүнүн окуу жайларынан алышты. Мурунку жылдардын бүтүрүүчүлөрү – жакынкы райондук билим берүү бөлүмдөрүнөн алышты.

Тест башталганга бир ай калганда катталган абитуриенттерге тест кайсы жерде, качан жана кайсы убакта болору көрсөтүлгөн тестке кирүү талону жиберилди. Ошондой эле ар бир катталган абитуриент «Жалпы республикалык тестке даярданабыз» аттуу акысыз брошюраны өзү тест тапшырууну каалаган тилде алды.

Жалпы республикалык тестке негизги каттоо 14-февралдан 08-апрелге чейинки мезгилде өткөрүлдү. Ошол мезгилде катталууга үлгүрбөй калган абитуриенттер тестке бир күн калганда жана тест өткөрүлүп жаткан күндөрү бардык тест борборлорунда уюштурулган кошумча каттоодон өтө алышты.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин демилгеси менен, Бишкек жана Ош шаарларында 15-июндан 23-июнга чейин кошумча тестке каттоо түйүндөрү уюштурулду. Аталган тест 24-25-июндарда Бишкек, Ош шаарларында өткөрүлүп, ага мурда катталып, бирок жүйөлүү себептерден улам тестке өз убагында катыша албай калган абитуриенттер жана тесттен четтетилбеген, бирок мурда тест тапшырбай калган каалаган абитуриенттердин баары катыша алышты.

Тесттин эффективдүүлүгүнүн маанилүү фактору болуп тестти башкаруу жол-жоболорун иштеп чыгуу жана аларды так кармоо, ошондой эле бардык тестти тапшырып жаткандар үчүн бирдей шарттарды түзүп берүү эсептелет. Бирдей шарт дегенибиз бардык абитуриенттер варианты менен тилине карабай, татаалдыгы жана берилген убактысы жагынан бирдей тестти тапшырарын, бирдей тест аткаруу көрсөтмөлөрүн жана тест учурунда өзүн алып жүрүүнүн бирдей эрежелерин угарын, бирдей жооп баракчаларын толтурарын билдирет.

Жылдардагыдай эле, ЖРТны тапшырып жаткан учурда абитуриенттердин ден соолук коопсуздугун сактоо максатында КРнын Билим берүү жана илим министрлиги, Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору, жергиликтүү башкаруу органдары, Билим берүү бөлүмдөрү, мектеп жетекчилиги, КРнын Саламаттыкты сактоо министрлиги жана КРнын Ички иштер министрлиги тарабынан тийиштүү чаралар көрүлдү.

Тест өткөрүү графигине ылайык, ар бир тест өткөрүлө турган күнү, тестке кирүүнү тартиптүү уюштуруу үчүн жана тестти өткөрүү үчүн тест борборлорунда төмөнкү кызматкерлер иштеп жатышты:

- Тестти өткөрүү үчүн жооптуу болгон ББОУБнын администраторлор командасы;
- Тесттин мамлекеттик масштабдагы иш чара катары өткөрүлүшүнө жооптуу болгон жергиликтүү башкаруу органдарынын, райондук/шаардык билим берүү башкармалыктарынын, бөлүмдөрүнүн кызматкерлери;
- Тест борборлорунун аймагында тартиптин сакталышын, элдердин топтолбошун, чоочун адамдардын жок болушун камсыздаган Ички иштер министрлигинин кызматкерлери;
- Тестке киргизүү процессин уюштуруу үчүн ден соолугунун абалына байланыштуу абитуриентти тестке киргизбөө тууралуу чечимди кабыл алуу үчүн Саламаттыкты сактоо министрлигинин жергиликтүү кызматкерлери;
- Тест борборунда тестти өткөрүү үчүн көмөк көрсөтүп иштеген мектептин кызматкерлери: мектептин жетекчилиги, завхоз, коопсуздук кызматы (тестке кирүү учурунда жардам берүү жана тест борборунун кире беришиндеги

тартипти камсыздоо үчүн жана тест учурунда мектептин аймагында чоочун адамдардын болушуна жол бербөө үчүн) жана тест борборунда санитардык нормаларды камсыздоо үчүн, тест аудиторияларын, дааратканаларды, ж.б. өз убагында тазалап туруу үчүн).

ЖРТестти өткөргөн борборлордо өткөрүлүп, алар бир катар шарттар менен талаптарга туура келиши керек болчу. Республиканын бардык аймактарында жарык, жакшы желдетилген, жетиштүү сандагы ыңгайлуу жана сапаттуу парта, отургучтар коюлган дарсканалары бар мектептер тандалып алынды. Ар бир дарскана 50дөн 100гө чейин абитуриентти батырууга тийиш эле. Бир эле мезгилде мектепте 250гө чейин адам тестти тапшыра алышты.

Бирдей шарт түзүү үчүн милдеттүү түрдө аткарыла турган талаптардын бири болуп тест борборлорун даярдоо эсептелет: үстөлдөрдү абитуриенттер бири-биринен көчүрө албагандай же тест аткарууда жолтоо болбогондой кылып коюштуруу; ар бир үстөлгө бирден гана абитуриентти отургузуу; ар бир орунга номер коюу; ар бир дарсканага төмөнкүдөй маалымат материалдарын илип коюу: жооп баракчаларында тест борборунун номерин, өзүнүн каттоо номерин жана тест дептеринин номерин кандай боёш керектиги көрсөтүлгөн плакаттар. Тестке чейин, тесттен кийин жана сменалардын ортосунда тест аудиторияларын тазалоо үчүн зыянсыз заттар (полду жуу, отургучтарды, парталарды, каалганын кармагычтарын ж.б.у.с. сүрүп туруш үчүн).

Өзгөчө билим алуу муктаждыктары бар балдардын интернат-мектептеринде окуган тест катышуучулары үчүн ББОУБ өзүнчө тест борборун уюштуруп, ал жерде тестти атайын даярдыктан өткөн администраторлор өткөрдү.

Тестке киргизүү төмөнкүдөй жол менен жүгүзүлгөн:

1. Абитуриенттер тест борборунун кире беришинде тест тапшыруу тили жана кезегине жараша бир нече катарга тизилип турушкан.
2. Аймактык ички иштер бөлүмдөрүнүн кызматкерлери тест борборлорунун сыртындагы тартипти көзөмөлдөп турушкан: адамдардын топтолбошун жана чоочун кишилердин тест борборуна кирбешин камсыздаган.
3. Андан соң абитуриенттин документтери текшерилип, ал тест борборунун ичине киргизилген. Абитуриенттер тестке кирүү талону жана паспорту бар болгон учурда гана тестке киргизилип жатты. Эгерде абитуриент паспорт ала элек болсо, анда туулгандыгы тууралуу күбөлүккө кошумча сөзсүз түрдө абитуриенттин сүрөтү чапталган, окуу жайынын же паспорт үстөлүнүн мөөрү басылып бекитилген маалым катты алып келүүсү талап кылынган.
4. Тест борборунун ичинен администраторлор абитуриенттерди катышуучулардын каттоо тизмелеринен текшерип, тестти тапшырган тилине жараша аудиторияларга узатып киргизишкен.

Жогорудагы бардык жол-жоболордун аткарылышы КРнын ЖОЖдоруна тапшыруу үчүн ЖРТны коопсуз шартта өткөрүүгө мүмкүндүк берди.

Тестти баштаар алдында стандартташтырылган сөз айтылып, анда абитуриенттерге майда-чүйдөсүнө чейин ар тараптуу нускама берилген. Тестти өткөрүү эрежелерин абитуриенттер тест башталар алдында дагы бир жолу өздөрүнүн тест дептерлеринен окуй алышкан. Тесттен өтүп жаткандар бирдей шартта болушу үчүн тест учурунда эч кимге эч кандай артыкчылык берилбей, бардык тест өткөрүү борборлорунда абитуриенттердин баары бирдей эрежелерди катуу сактоого милдеттүү болушкан.

Суроо пайда болгондо абитуриент колун көтөрүп, администратор анын жанына келет. Бирок абитуриент тесттин мазмунуна байланыштуу суроо бербеши же тапшырманы аткарып жатып жардам сурабашы керек болгон. Өз кезегинде, администратор тесттин мазмунуна байланыштуу кандай болсо да суроого жооп берүүгө укуктуу болгон эмес. Эгерде абитуриент суроонун бир дагы туура жообу жок деп эсептесе же анын тапшырмаларга карата кандайдыр башка сын пикири болсо, тест аяктагандан кийин жооп баракчалары тапшырылганда, ал өзүнүн сын ойлорун тесттеги так эместиктерди каттаган атайын формага толтуруп берген.

Тесттин эрежелерин бир нече жолу бузган абитуриент тесттен чыгарылат. Эгерде абитуриент эрежелерди одоно бузса (мисалы, шпаргалка колдонсо,тесттин тапшырмаларын сүрөткө тартканга аракет кылса, жанында уюлдук телефон бар болсо), ал тесттен дароо четтетилет.

Бул чара туурасында абитуриенттердин баары тест башталганга чейин эскертилет. Андан тышкары, ар бир тест борборунда жана тест өткөн дарсканада тест жүрүп жаткан мезгилде тыюу салынган буюмдардын тизмеси берилип, плакаттар илинип турат.

Тест учурунда уюлдук телефондорду жана башка электрондук каражаттарды жанына алып, аларды пайдаланышы менен байланыштуу болгон дисквалификациялардын санын азайтуу үчүн жана тест тапшырмаларынын жашыруундугун сактоо үчүн ББОУБ 2016-жылдан баштап абитуриенттерди теске киргизүү учурунда металлодетектор менен сканерлеп текшерүү колдонулат. Сканерлеп текшерүүнү киргизгенден кийинки жылдары тестке уюлдук телефон алып кирген абитуриенттерди тесттен четтетүү кыйла азайган.

Акыркы жылдары тесттен четтетүүнүн эң көп катталган себеби – тестти тапшырууга катталган абитуриенттин өзү эмес, анын ордуна башка адам келген учурлар. Андан тышкары шпаргалкаларды колдонуп же танапистен кийин тест өтүп жаткан бөлмөгө уюлдук телефондорун алып киргенге аракет кылган абитуриенттер да болгон.

Тест борборлорунда атайын даярдалган администраторлор гана иштешти. Төмөн жакта берилген 3-таблицада 2003-жылдан баштап, 2022-жылга чейинки тест борборлорунун жана администраторлорунун саны жөнүндө маалыматтар берилген.

Таблицада көрүнүп тургандай, 2012-жылы Жалпы республикалык тестти милдеттүү түрдө тапшыруу талабы киргизилгенине байланыштуу, тест борборлорунун саны көбөйүп, бул жагдай тест администраторлорунун санынын кескин өсүшүнө алып келген.

3-таблица.

| Жылдар | Тест администраторлорунун саны | Тест борборлорунун саны |
|---|---|---|
| 2003 | 830 | 83 |
| 2004 | 369 | 42 |
| 2005 | 368 | 89 |
| 2006 | 335 | 91 |
| 2007 | 399 | 89 |
| 2008 | 372 | 88 |
| 2009 | 356 | 88 |
| 2010 | 358 | 79 |
| 2011 | 507 | 94 |
| 2012 | 700 | 125 |
| 2013 | 910 | 132 |
| 2014 | 906 | 130 |
| 2015 | 888 | 129 |
| 2016 | 882 | 128 |
| 2017 | 894 | 128 |
| 2018 | 803 | 123 |
| 2019 | 801 | 114 |
| 2020 | 813 | 122 |
| 2021 | 803 | 120 |
| 2022 | 815 | 117 |

Тестке даярдоочу тренинг-семинарларга катышардан мурун, администраторлор бир жыл ичинде уланган ачык тандоо конкурсунун баскычтарынан өтүшөт.

## 7. Окууга кабыл алуу жараяны

2020-жылдан баштап ЖОЖдордун гранттык орундарына абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу үстүбүздөгү жылдын Жалпы республикалык тесттин жыйынтыгынын негизинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин “Абитуриент Онлайн” автоматташтырылган маалыматтык тутуму(https://2020.edu.gov.kg) аркылуу онлайн режиминде

жүргүзүлдү. Салттуу форматтагы кирүү сынактары маданият жана искусство ЖОЖдоруна, ошондой эле дене тарбия жана спорт адистигине кирүү үчүн гана өткөрүлдү.

2022-2023-окуу жылына 6000 мамлекеттик билим берүү бюджеттик орун бөлүнгөн, алардын ичинен 80 грант эл аралык макулдашуулар боюнча милдеттенмелерди аткаруу үчүн, 50 грант ЖРТ боюнча эң жогорку балл алган абитуриенттерди конкурстан тышкары киргизүү үчүн, 75 грант чет өлкөлөрдө жашаган этникалык кыргыздарга, 30 грант 2002-жылы Жалал-Абад облусунун Аксы районунда, 2010-жылдагы апрель, май, июнь окуяларында каза болгон жарандардын балдарына жана "кайрылман" статусу бар адамдардын балдарына, биринчи жана экинчи топтогу мүмкүнчүлүгү чектелген, жөлөкпул боюнча теңдештирилген согуштун катышуучуларынын жана майыптарынын балдарына, бала кезинен майыптарга, жетим балдарга жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдарга 288 орун бөлүндү.

6000 мамлекеттик билим берүү грантынын (гранттык орундардын) ичинен 4 663 гранттык орун Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу ЖОЖдорго бөлүнгөн, калгандары башка мамлекеттик органдар тарабынан каржыланат. Мисалы: КРнын ички иштер министрлигине – 130, Саламаттыкты сактоо министрлигине – 358, Маданият, маалымат жана туризм министрлигине – 206, Коргоо министрлигине – 100, Тышкы иштер министрлигине – 20 бюджеттик орун бөлүнгөн.

ИИМ Академиясынын, КРнын куралдуу күчтөрүнүн аскер институтунун, Борбордук Азиядагы Америка университетинин, Борбордук Азия университетинин адистиктери жана кошумча сынактарды талап кылган адистиктер жана багыттар боюнча конкурска ЖРТны да, аталган ЖОЖдордун кошумча сынактарын да ийгиликтүү тапшырган абитуриенттер катыша алат.

4 411 гранттык орунга кабыл алуу ЖРТ жыйынтыктары боюнча жүргүзүлдү, жана жогоруда белгиленгендей салттуу форматтагы кирүү сынактары маданият жана искусство ЖОЖдоруна, ошондой эле дене тарбия жана спорт адистигине кирүү үчүн гана өткөрүлүп (ЖРТнын жыйынтыктарысыз), гранттык орундарга 252 адам кабыл алынган.

Мектептердин баары 4 категорияга бөлүнгөн: Бишкек шаарындагы мектептер, чакан шаарлар менен облустук борборлордогу мектептер, айылдык мектептер, бийик тоолуу аймактардагы мектептер. Тигил же бул категорияга тийиштүүлүгүнө жараша сертификаттар өңү менен айырмаланат. Сыя көк түс бийик тоолуу аймактардагы мектептердин категориясына таандык. Сары түс – айылдагы мектептердин категориясыныкы. Көгүлтүр түс чакан шаарлар менен облус борборлорундагы мектептердин категориясын, ал эми кызыл түс Бишкектеги мектептердин категориясын билдирет. Кабыл алуу учурунда орундар мектептердин ар бир категориясынан берилген талондордун санынын ара катышына ылайык бөлүштүрүлөт. Мектептердин белгилүү бир категориясынын окуулдөрү канчалык көп болсо, аларга тийген орундардын саны да ошончолук көп болот.

Кабыл алынгандардын эң чоң пайызы (48.6%) айыл мектептеринин бүтүрүүчүлөрүнүн арасында байкалат. Алардын Жалпы республикалык тестке катышуусунун ЖОЖдордун гранттык орундарына тапшырып, конкурска катышкан абитуриенттеринин санындагы үлүшү да дээрлик ошондой эле (46.3%). Жалпы республикалык тест, жашаган жерине карабай, ар бир абитуриенттин ЖОЖдо окууга болгон жөндөмдүүлүгүн аныктап көрүүгө мүмкүндүк берет.

Төмөн жакта берилген диаграммаларда көрүнүп тургандай, 2022-жылдагы ЖОЖдорго кабыл алуунун жыйынтыгында мектеп категорияларын ар бирине кирген тесттин катышуучулары пропорционалдуу орун ээлешкен:
48.6% – айыл мектептеринин бүтүрүүчүлөрү, 18.6% – бийик тоолуу аймактардагы мектептердин бүтүрүүчүлөрү, 16.3% – Бишкек шаарындагы мектептердин бүтүрүүчүлөрү жана 16.4% – облустук борборлор менен чакан шаарлардагы мектептердин бүтүрүүчүлөрү.

**2022-жылкы Жалпы республикалык тесттин катышуучуларынын жана окууга алынган абитуриенттердин мектеп категорияларына жараша бөлүштүрүлүшү (% түрүндө)**




**2022-жылы Жалпы республикалык тесттин катышуучуларын жана кабыл алынган абитуриенттердин мектеп категориялары боюнча бөлүштүрүлүшү**

| | Тестке катышкандардын саны | КРнын ЖОЖдорундагы гранттык орундарга кабыл алынгандардын саны |
|---|---|---|
| айылдык мектептердин бүтүрүүчүлөрү | 23 689 | 2 142 |
| Бишкек шаарынын мектептеринин бүтүрүүчүлөрү | 11 309 | 720 |
| бийик тоолуу аймактагы мектептердин бүтүрүүчүлөрү | 6 783 | 819 |
| областтык борборлор жана чакан шаарлардагы мектептердин бүтүрүүчүлөрү | 9 173 | 722 |
| башка категориялар * | 229 | 8 |
| Кыргыз Республикасы боюнча жалпы | 51 183 | 4 411 |

*- Россия, Казакстан жана Тажикстан мектептеринин бүтүрүүчүлөрү жана өз мектебинин кодун туура эмес көрсөткөн бүтүрүүчүлөр.

Кабыл алынгандардын диаграммасы дээрлик толугу менен тест катышуучуларынын диаграммасын кайталап турат. Бул учурда кеп гранттык орундарга кабыл алуу жөнүндө болуп жатканын дагы бир жолу белгилей кетүү керек.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги 2022–2023 окуу жылдарына ЖОЖдорго өтүү үчүн бекиткен босого упай гранттык жана контракттык окутуунун бардык формаларына негизги тест боюнча 110 упайды, предметтик тест боюнча 60 упайды түздү.

- Медициналык адистиктерге: негизги тест боюнча – 110 упай; биология боюнча – 60 упай; химия боюнча – 60 упай.
- Фармацевтикалык адистиктерге: негизги тест боюнча – 110 упай; химия боюнча – 60 упай; биология боюнча – 60 упай менен келишим боюнча акы төлөнүүчү окутуунун бардык формаларына тапшыра алышат.
- Педагогикалык багыттардын гранттык окуу формасына негизги тест – 115 упай, предметтик тесттин упайы 60 болуп бекитилди.

I,II топтогу ден соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүктөрү чектелген абитуренттер ЖРТнын негизги тестинин жыйынтыгы 105 упай болгон учурда гранттык орундарга (медициналык жана фармацевтикалык адистиктерден тышкары), 100 упай менен контракттык орундарга тапшыра алышат.

Адистиктердин тизмеси менен алар үчүн талап кылынуучу тесттер Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан аныкталган.

Быйыл кабыл алуу былтыркы жылдай эле толугу менен онлайн өткөрүлдү. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бул жараянды ишке ашырчу «Абитуриент online» автоматташтырылган маалыматтык системасын иштеп чыккан. www.2020.edu.gov.kg сайтына Кыргызстандагы бардык окуу жайлар, факультеттер, адистиктер киргизилген. «Абитуриент online» кабыл алуунун жүрүшүн реалдуу режимде көзөтүүгө, рейтингдеги ордун көрүүгө, окуу жайдын кабыл алуу комиссиясынын сынактын жүрүшүнө жана жыйынтыктарына таасирин минималдаштырууга жана абитуриент өзү каалаган окуу жайга тапшырууга мүмкүндүк берет.

Жалпы республикалык тесттен босого упайдан жогору алган ар бир абитурент тиешелүү сертификат жана талон менен жогорку окуу жайдын имаратына барбай эле, өлкөнүн каалаган бурчунан порталга катталып, окуу жайга тапшыра алды. Профилдик предметтик тесттин болушу тиешелүү багыттарга кабыл алууда абитуриентке артыкчылык укугун берет. Жеңилдик алууга талапкерлер тиешелүү документтерди тиркеши керек болгон.

Кабыл алуунун биринчи туру 18-июлда башталып, 20-июль саат 14:00дө аяктаган. Кабыл алууга сунушталган абитуриент үч күндүн ичинде тандаган адистик боюнча билим ала турганын тастыкташы керек болуп, тастыкталбаган учурда анын орду бош деп эсептелген.

Тастыктоо үчүн абитуриент автоматташтырылган маалыматтык системасына электрондук түрдө кийинки документтерди тиркеши керек: паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк; орто жалпы билими жөнүндө аттестат же орто кесиптик билими жөнүндө диплом; ЖРТнын сертификатынын алдынкы бети; окуу үчүн төлөм жөнүндө дүмүрчөк (контракттык негизде кабыл алынган учурда). Аталган документтердин түп нускаларын жогорку окуу жайга окуу жылдын башында берүү керек болгон.

2-тур 25-июлдан 27-июлга чейин бош орундар калган учурда өткөрүлгөн. 3-тур Билим берүү жана илим министрлигинин уруксаты менен 01 августтан –08 август, 4- тур 08-10 август, 5- тур 15-20 август мөөнөтүндө өткөрүлгөн. Сырттан окуу жана кечки окутуу формаларына кабыл алуунун мөөнөттөрү ЖОЖдор тарабынан белгиленген.

Турлардын саны, гранттык орундардын толтурулуу динамикасына жараша, бирден бешке чейин болушу мүмкүн. Толтурулбаган же документ тапшыруу менен ырасталбаган гранттык орундар кийинки турга которулат. Конкурстун мөөнөтү аяктаган соң, гранттык комиссия эң жогорку упай алган абитуриенттерди кабыл алып, кабыл алынгандардын тизмесин упайларын ырастоо үчүн ББОУБга берип жиберет. Андан кийин ББОУБ тарабынан ырасталган тизме кароого илинип, абитуриенттер керектүү документтерди тапшырып, студент болуп калышат.

Жыл сайын ББОУБда Жалпы республикалык тесттин жыйынтыктарына талдоо жүргүзүлүп, анда абитуриенттердин саны, алардын тест өткөрүү тилин эсепке алуу менен мектеп категориялары боюнча бөлүштүрүлүшү, облустар боюнча тесттин жыйынтыктары, ЖОЖдордун гранттык орундарына кабыл алынган абитуриенттердин бөлүштүрүлүшү жөнүндө маалыматтар жана ЖОЖдордун гранттык орундарга кабыл алуу конкурсунун жыйынтыктары боюнча түзүлгөн рейтинги көрсөтүлөт. Жалпы республикалык тесттин жыйынтыктары менен төмөнкүдөй отчётторду карап таанышсаңар болот: «Кыргыз Республикасында 2003-жылы Жалпы республикалык тесттин жыйынтыктарын талдоо: Алгачкы пикир», «Жалпы республикалык тести өткөрүү жана 2004-жылы Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуу жараяны», «Жалпы республикалык тест 2002–2005». 2006-жылдан баштап ББОУБнын отчёту «Жалпы республикалык тест жана Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорундагы гранттык жана контракттык орундарына кабыл алуу» деп аталат. Отчёттордун баарын **www.testing.kg** дареги боюнча ББОУБнын расмий сайтынан тапса болот.

Түздөн-түз 2022-жылкы тесттин жыйынтыктарына өтүүдөн мурда, тесттин жыйынтыктарын билим берүүнүн сапатын баалоо үчүн колдонуу эмне себептен сунуш кылынбагандыгына дагы бир жолу көңүлдү буруп кеткибиз келет:

- **Бул тест мектеп бүтүрүүчүсүнүн мектеп программасы боюнча даярдык деңгээлин эмес, анын ЖОЖдо окуп жатканда керек боло турган жеке жөндөмдөрүн жана билгичтиктерин көрсөтөт.**
- **Тесттин жыйынтыктары мектептердин үзүрлүү иштегендигинин негизги көрсөткүчү катары колдонулганда мектеп билим берүүсүнүн натыйжалуулугуна таасир берүүчү башка факторлор (социалдык-экономикалык чөйрө, каржылоо деңгээли, физикалык инфраструктура ж.б.) көз жаздымда калып калат.**
- **Мектеп ишинин соңку натыйжасын баалоо окуучулардын билиминин баштапкы деңгээлиндеги айырмачылыкты эсепке албайт, ошол эле учурда баштапкы деңгээл тесттин жыйынтыктарына таасир этпейт.**
- **Мугалимдер тесттин программасына кирбеген предметтерге жетиштүү көңүл бурбай, жалаң гана «тест үчүн» окута башташы мүмкүн.**
- **Көңүлдү тест жыйынтыктарына топтогондо, маанилүү башка көрсөткүчтөр (баланын психологиялык абалы, анын өз күчүнө канчалык ишенгендигин ж.б.) жөнүндө унутуп койсо болот.**
- **Эгерде тесттин жыйынтыктары боюнча мектеп иши тууралуу жалпы тыянак чыгарышса, анда мектеп көбүрөөк көңүлдү «орто» окуучуларга бөлүүгө аракет жасап, бул күчтүү окуучулар менен жүргүзүлгөн ишке таасир берет же болбосо, тескерисинче, жалаң эле артта калып, чоң үмүт артылбаган балдар менен алпурушуп калат.**
- **Жакшы натыйжа көрсөтө алган жана көрсөтө албаган мектептердин ортосунда өзүнчө бир теңсиздик пайда болушу мүмкүн. Көрсөткүчтөрү төмөнүрөөк болуп калган мектептерде бул окуучулардын моралдык абалына залакасын тийгизип, окууга умтулуусун басаңдатып салышы мүмкүн.**

Билим берүүнүн сапатын аныктоо үчүн ББОУБ 2007, 2009, 2014, 2017 жана 2021-жылдары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйрутмасы менен «Айылдык билим берүү» долбоорунун алкагында Дүйнөлүк банктын колдоосу менен «Окуучулардын билим алуу жетишкендиктеринин улуттук баалоосу» (ОБЖУБ) атайын изилдөөсүн жүргүзгөн. Баалоонун жыйынтыктары менен «Окуучулардын билим алуу жетишкендиктеринин улуттук баалоосу» (ОБЖУБ) отчётунан таанышса болот. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары тууралуу 2008, 2010, 2014, 2018 жана 2022-жылдары чыккан отчётторду (кыскартылган версиялары) жана толук отчётторду ББОУБнын расмий сайтынан таба аласыздар **(www.testing.kg).**

## 8. 2022-жылкы Жалпы республикалык тесттин жыйынтыктары

**Абитуриенттердин санынын негизги тест боюнча топтогон упайларынын суммасына жараша бөлүштүрүлүшү.**




Жогору жакта берилген гистограмма абитуриенттердин негизги тест боюнча топтогон упайларына жараша бөлүштүрүлүшүн көрсөтөт.

Тесттин максаты андан ары республиканын ЖОЖдорунда ийгиликтүү окуп кете ала турган студенттерди аныктоо болгондугуна байланыштуу, гистограмманын оң жагы жантайыраак келет, тактап айтканда, ал жакта орто жана ортодон жогору жыйынтыктарды көрсөткөн абитуриенттер кылдат бөлүштүрүлгөн.

2022-жылдын өлкө боюнча орточо баллы 119,9, ал эми максималдык баллы – 235 болду. Бул учурда максималдык баллды топтогон абитуриент тесттин бардык суроолоруна жооп бергендигин билдирбейт.

Төмөн жакта берилген 4-таблицада катышуучулардын тестти тапшыруу тилине жараша бөлүштүрүлүшү жана жалпы саны, тест упайларынын орточо мааниси, тест упайларынын стандарттык четтөөсү (маалымат өзгөрмөлүүлүгүнүн чени), Альфа Кронбах ишенимдүүлүк коэффициенти (тест жыйынтыктарынын кайталануусу; коэффициенти 0,70тен ашкан тест ишенимдүү болуп эсептелет) көрсөтүлгөн.

4-таблица.

| тестти тапшыруу тили | катышуучу-лардын саны | тест упайларынын орточо мааниси | тест упайларынын стандарттык четтөөсү | Альфа Кронбах ишенимдүүлүк коэффициенти |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 31 302 | 113,7 | 29.6 | 0.91 |
| Орус | 19 881 | 129,6 | 33.3 | 0.93 |
| Жалпы | 51 183 | 119,9 | 32.0 | 0.92 |

Буга чейин берилген диаграммада 2022-жылы ЖРТнын катышуучулары мектеп категориялары боюнча кандайча бөлүштүрүлгөндүгү көрсөтүлгөн.

**I тиркемеде** тест упайларынын орточо маанилери көрсөтүлүп, 2022-жылкы Жалпы республикалык тесттин Кыргыз Республикасынын облустарынын кесилишинде алынган жыйынтыктарынын негизги тесттин бөлүмдөрү жана предметтик тесттер боюнча бөлүштүрүлүшүнүн гистограммалары берилген.

Абитуриенттердин 2002–2022-жылдардагы тесттин ар кайсы бөлүмдөрү боюнча көрсөткөн натыйжаларын изилдөө гуманитардык илимдерге шыктуу адамдар, адатта, математикага жөндөмсүз болуп, математиктер, тескерисинче, гуманитардык чөйрөгө кирген предметтерди анча жакшы окуй алышпайт деген эл арасында кеңири тараган пикирдин чындыгында эч кандай негизи жок болгондугун айгинелеп турат. ЖРТ жыйынтыктары бир эле абитуриенттин тесттин ар кайсы бөлүмдөрү боюнча топтогон упайларынын ортосунда чоң корреляция бар экендигин көрсөтөт. Тесттин математика жана вербалдык бөлүмдөрүнүн ортосундагы чоң айырмачылыктар чанда гана кездешет.

## Предметтик тесттердин жыйынтыктары

Жогоруда айтылгандай, предметтик тесттерди абитуриенттер ЖОЖдун кайсы багытына окууга өтүп жаткандыгына жараша тапшырышат. Окуу багыттары менен адистиктердин тизмеси жана ошондой эле тапшырыш керек болгон предметтик тесттер Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан аныкталат жана бекитилет. 2022-жылы абитуриенттерге предметтик тесттердин төмөнкүдөй тизмеси сунуш кылынды: физика, математика, химия, биология, тарых, англис тили, кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты. Кыргыз тили жана адабияты жана орус тили жана адабияты боюнча предметтик тесттер Билим берүү жана илим министрлигинин буйрутмасы менен филологиялык адистиктерге тапшыруу үчүн 2020-жылдан баштап киргизилген.

Тандап алган адистигине өтүү үчүн, негизги тесттен сырткары, абитуриент үчүн бир эле предметтик тестти тапшыруу жетиштүү болгон. Медициналык Академияга өтүп жаткандардан гана эки предметтик тест (химия жана биология) тапшыруу талап кылынган. Бирок тест тапшырып жаткандардын көбү үч, айрым абитуриенттер болсо алты-жети предметтик тест тапшырып өз күчүн сынап көрүштү. Бул мектепти бүтүрүп жаткан учурда окуучулар кайсы адистикти тандаарын жетиштүү деңгээлде так билбей, предметтик тесттерди, бирине болбосо, бирине өтөрмүн деген үмүт менен, мисалы, Медициналык Академияга өтө албай калсам, тилди окуткан окуу жайга тапшырып көрөрмүн деген ой менен тапшырганын билдирет.

Көпчүлүк учурда абитуриенттер тарых предметин тандап алышкан 19 728. Эң аз тандалган – (3 391), 2020-жылы киргизилген орус тили жана адабияты боюнча тест болду. Биологияны 13 488, химияны 11 170 абитуриент тандап алган. Математиканы 13 041 абитуриент тандап тапшырган. Жыл сайын англис тилин тандап алган абитуриенттердин саны өсүүдө – (11 937). Мурдагы жылдардагыдай эле, ЖРТнын катышуучулары физика боюнча предметтик тестти азыраак тандаган 5 456. Ал эми 2020-жылы киргизилген кыргыз тили жана адабияты боюнча предметтик тестти 4 961 адам тапшырган.

Жалпысынан алганда, предметтик тесттер абитуриенттер үчүн, негизги тестке караганда, көбүрөөк кыйынчылык туудурат деп айтса болот. 2022-жылы эң жогорку орточо упайды (90,3) англис тили предметин тапшырган абитуриенттер көрсөткөн. Эң төмөнкү орточо упайды математика предмети боюнча (54.3 упай), химия (55.4 упай) жана физика (55,7 упай), биология (56,4 упай), орус тили жана адабияты (57,7 упай) тест тапшырган абитуриенттер көрсөтүштү. Мурдагыдай эле, предметтик тесттер боюнча алынган упайларды жогору деп айтканга болбойт, бирок 2022-жылы бардык предметтер боюнча жыйынтыктар 2021-жылкы жыйынтыктарга салыштырмалуу жогорулаган.

### Тест жыйынтыктарынын гендердик белги боюнча бөлүштүрүлүшү (II тиркеме)

2022-жылы тестке катышкан кыздар менен уландардын санын көрсөткөн маалыматтар болжол менен мурдагы жылдардагы маалыматтардан көп айырмаланбайт (II тиркемени караңыз): быйыл тестке 28 979 кыз жана 22 204 улан катышкан. Айырмасы 6 775 адамды түзүп, кыздардын саны көбүрөөк. ЖОЖдордун гранттык орундарына 2 725 кыз жана 1 686 улан кабыл алынды.

Кыздардын негизги тестте көрсөткөн орточо упайы – (123.3) уландардыкынан (115.4) бир аз жогорураак. Окууга алынган кыздардын орточо упайы уландардыкынан 8 упайга көбүрөөк. Башкача айтканда, мурдагы жылдардагыдай эле, кабыл алынган кыздардын жыйынтыктары уландардыкынан жогорураак. Кыздар менен уландардын негизги тесттин «Математика» бөлүмүнөн көрсөткөн жыйынтыктары кыздардыкы 25.5, ал эми уландардыкы 25.1ти түздү. «Текстти окуу жана түшүүнүү» бөлүмүнөн кыздардын жыйынтыктары уландардыкынан 2 упайга жогору. «Окшоштуктар жана сүйлөмдөрү толуктоо» бөлүмүндө да кыздардын жыйынтыктары уландардыкынан 2 упайга жогору болду. «Тапшырган тилдин практикалык грамматикасы» бөлүмү боюнча жыйынтыктардын айырмасы кыздардын пайдасына – 4 упайды түздү. Бул тесттин бөлүмү, адатта, уландарга караганда кыздар үчүн оңоюраак болот.

Предметтик тесттердин жыйынтыктары гендер жагынан алганда негизги тесттин жыйынтыктарынан айырмаланып турат. Эң алды, физика менен математикадан башка предметтери тапшырган кыздардын саны ошол эле предметтерди тапшырган уландардыкынан көп болгону көңүлдү бурат. Маселен, тарыхты 11 328 кыз жана 8 400 улан; англис тилин 8 204 кыз жана 3 733 улан; биологияны 9 343 кыз жана 4 145 улан, химияны – 7 728 кыз жана 3 442 улан тапшырды. Кыргыз тили жана адабияты боюнча тестти 3 855 кыз жана 1 106 улан, орус тили жана адабияты боюнча тестти 2 562 кыз жана 829 улан тапшырган.

Предметтик тесттер боюнча жыйынтыктарды карап чыксак, уландардын англис тили, физика, химия жана биология боюнча предметтик тесттеринен көрсөткөн жыйынтыктары кыздар көрсөткөн жыйынтыктардан бир аз жогорураак болуп чыкканын белгилесе болот. Айырмасы 1-2 упайды түзгөн.

Ал эми кыргыз тили жана адабияты жана орус тили жана адабияты боюнча тестте кыздардын көрсөткөн натыйжалары - ( 70,8 жана 65,0) уландардыкынан (60,7 жана 62,1) бир аз жогорураак болду. Тарых жана математика боюнча тесттин натыйжалары кыздар жана уландар үчүн дээрлик бирдей болду. Жалпы жонунан алганда, предметтик тесттерде кыздар менен уландардын жыйынтыктарынын ортосунда олуттуу айырмачылык жок деп айтса болот.

## Абитуриенттерди КРнын ЖОЖдорундагы гранттык жана контракттык орундарга кабыл алуунун жыйынтыктары.[1]

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги 2022–2023 окуу жылдарына ЖОЖдорго өтүү үчүн бекиткен босого упай гранттык жана контракттык окутуунун бардык формаларына негизги тест боюнча 110 упайды, предметтик тест боюнча 60 упайды түздү.

Педагогикалык адистиктерге гранттык окуу формаларына негизги тест - 115 упай, предметтик тесттин упайы 60 болуп бекитилди.

Медициналык адистиктерге: негизги тест боюнча – 110 упай; биология боюнча – 60 упай; химия боюнча – 60 упай.

Фармацевтикалык адистиктерге: негизги тест боюнча – 110 упай; химия боюнча – 60 упай; биология боюнча – 60 упай менен келишим боюнча акы төлөнүүчү окутуунун бардык формаларына тапшыра алышат.

I,II топтогу ден соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүктөрү чектелген абитуренттер ЖРТнын негизги тестинин жыйынтыгы 105 упай болгон учурда гранттык орундарга (медициналык жана фармацевтикалык адистиктерден тышкары), 100 упай менен контракттык орундарга тапшыра алышат.

Кыргызстандын ЖОЖдорундагы гранттык орундарга кабыл алуунун жыйынтыктары менен ушул отчёттун III–VIII тиркемелеринен кененирээк таанышсаңар болот.

Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине, Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине, облустардагы аймактык билим берүү башкармалыктарына, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө, ошондой эле мектеп директорлоруна Жалпы республикалык тестти өткөрүүдөгү кызматташтыгы жана көрсөткөн жардамы үчүн терең ыраазычылыгын билдирет. Бардык студенттерге ББОУБнын жамааты окуусунун ийгиликтүү, студенттик жашоосунун кызыктуу болушун каалайт.

[1] Абитуриенттерди ЖОЖдорго тандап алуу жана кабыл алуу тартиби менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 2-июнундагы №404 Токтому менен бекитилген «Мамлекеттик билим берүү гранттары жөнүндө жобону» карап таанышып чыкса болот.

# I тиркеме.

## 2022-жылкы Жалпы республикалык тесттин Кыргыз Республикасынын облустары боюнча жыйынтыктарынын гистограммалары жана таблицалары

## Кыргыз Республикасы
## 2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.

### Кыргыз Республикасы

Жалпы республикалык тестке катышуу

| тест өткөрүү тили | тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 31302 | 113.7 | 29.6 | 0.91 |
| Орус | 19881 | 129.6 | 33.3 | 0.93 |
| Бардыгы: | 51183 | 119.9 | 32.0 | 0.92 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тест өткөрүү тили | кабыл алынган абитуриент-тердин саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 3082 | 145.5 |
| Орус | 1329 | 157.3 |
| Бардыгы: | 4411 | 149.1 |

**Абитуриенттердин негизги тест боюнча топтогон упайларынын суммасына жараша бөлүнүшү**




### Баткен областы

Жалпы республикалык тестке катышуу

| тест өткөрүү тили | тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 3221 | 113.7 | 30.2 | 0.91 |
| Орус | 601 | 117.1 | 33.0 | 0.93 |
| Бардыгы: | 3822 | 114.2 | 30.6 | 0.92 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тест өткөрүү тили | гранттык орундарга кабыл алынгандар-дын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 437 | 142.5 |
| Орус | 39 | 148.8 |
| Бардыгы: | 476 | 143.0 |

**Абитуриенттердин негизги тест боюнча топтогон упайларынын суммасына жараша бөлүнүшү**



**Кыргыз Республикасы**
**2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.**

## Бишкек ш.

Жалпы республикалык тестке катышуу

| тест өткөрүү тили | тестке катышкандардын саны | тест упайларынын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициентинин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 4030 | 118.4 | 31.0 | 0.91 |
| Орус | 8324 | 140.0 | 32.7 | 0.93 |
| Бардыгы: | 12354 | 133.0 | 33.7 | 0.92 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тест өткөрүү тили | гранттык орундарга кабыл алынгандардын саны | тест упайларынын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 199 | 152.9 |
| Орус | 563 | 165.1 |
| Бардыгы: | 762 | 162.0 |

**Абитуриенттердин негизги тест боюнча топтогон упайларынын суммасына жараша бөлүнүшү**




## Ош ш.

Жалпы республикалык тестке катышуу

| тест өткөрүү тили | тестке катышкандардын саны | тест упайларынын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициентинин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 1175 | 120.6 | 34.7 | 0.91 |
| Орус | 1282 | 128.9 | 34.2 | 0.93 |
| Бардыгы: | 2457 | 124.9 | 34.7 | 0.92 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тест өткөрүү тили | гранттык орундарга кабыл алынгандардын саны | тест упайларынын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 126 | 155.4 |
| Орус | 92 | 164.6 |
| Бардыгы: | 218 | 159.3 |

**Абитуриенттердин негизги тест боюнча топтогон упайларынын суммасына жараша бөлүнүшү**



**Кыргыз Республикасы**
**2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.**

## Жалал-Абад областы

Жалпы республикалык тестке катышуу

| тест өткөрүү тили | тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын стандарттык четтөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 5517 | 112.1 | 27.5 | 0.91 |
| Орус | 1542 | 120.3 | 32.1 | 0.93 |
| Бардыгы: | 7059 | 113.9 | 28.8 | 0.92 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тест өткөрүү тили | гранттык орундарга кабыл алынгандар-дын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 497 | 142.1 |
| Орус | 104 | 152.9 |
| Бардыгы: | 601 | 143.9 |

**Абитуриенттердин негизги тест боюнча топтогон упайларынын суммасына жараша бөлүнүшү**




## Ысык-Көл областы

Жалпы республикалык тестке катышуу

| тест өткөрүү тили | тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын стандарттык четтөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 3421 | 113.7 | 28.9 | 0.91 |
| Орус | 1655 | 124.7 | 31.4 | 0.93 |
| Бардыгы: | 5076 | 117.3 | 30.2 | 0.92 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тест өткөрүү тили | гранттык орундарга кабыл алынгандар-дын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 402 | 143.9 |
| Орус | 133 | 144.8 |
| Бардыгы: | 535 | 144.1 |

**Абитуриенттердин негизги тест боюнча топтогон упайларынын суммасына жараша бөлүнүшү**



**Кыргыз Республикасы**
**2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.**

## Нарын областы

Жалпы республикалык тестке катышуу

| тест өткөрүү тили | тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын стандарттык четтөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 2704 | 114.9 | 29.6 | 0.91 |
| Орус | 836 | 119.8 | 33.3 | 0.93 |
| Бардыгы: | 3540 | 116.1 | 30.6 | 0.92 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тест өткөрүү тили | гранттык орундарга кабыл алынгандар-дын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 350 | 145.0 |
| Орус | 76 | 145.4 |
| Бардыгы: | 426 | 145.1 |

**Абитуриенттердин негизги тест боюнча топтогон упайларынын суммасына жараша бөлүнүшү**




## Ош областы

Жалпы республикалык тестке катышуу

| тест өткөрүү тили | тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын стандарттык четтөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 6257 | 113.0 | 30.0 | 0.91 |
| Орус | 1040 | 114.9 | 31.2 | 0.93 |
| Бардыгы: | 7297 | 113.3 | 30.2 | 0.92 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тест өткөрүү тили | гранттык орундарга кабыл алынгандар-дын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 726 | 150.0 |
| Орус | 63 | 155.4 |
| Бардыгы: | 789 | 150.4 |

**Абитуриенттердин негизги тест боюнча топтогон упайларынын суммасына жараша бөлүнүшү**



## Кыргыз Республикасы
## 2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.

### Талас областы

Жалпы республикалык тестке катышуу

| тест өткөрүү тили | тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 1652 | 118.7 | 30.2 | 0.91 |
| Орус | 396 | 127.1 | 30.4 | 0.93 |
| Бардыгы: | 2048 | 120.3 | 30.4 | 0.92 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тест өткөрүү тили | гранттык орундарга кабыл алынгандар-дын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 186 | 142.9 |
| Орус | 32 | 150.7 |
| Бардыгы: | 218 | 144.0 |

**Абитуриенттердин негизги тест боюнча топтогон упайларынын суммасына жараша бөлүнүшү**




### Чүй областы

Жалпы республикалык тестке катышуу

| тест өткөрүү тили | тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 3325 | 106.1 | 25.6 | 0.91 |
| Орус | 4205 | 122.2 | 29.7 | 0.93 |
| Бардыгы: | 7530 | 115.1 | 29.1 | 0.92 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тест өткөрүү тили | гранттык орундарга кабыл алынгандар-дын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 159 | 135.5 |
| Орус | 227 | 151.4 |
| Бардыгы: | 386 | 144.8 |

**Абитуриенттердин негизги тест боюнча топтогон упайларынын суммасына жараша бөлүнүшү**



**Кыргыз Республикасы**
**2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.**
**Тестке катышуучулардын санынын областтар боюнча бөлүнүшү.**
**Негизги жана предметтик тесттер. Тест баллдарынын орточо көрсөткүчү.**

| Негизги тест | саны | % | орточо көрсөткүч |
|---|---|---|---|
| Баткен | 3822 | 7.5 | 114.2 |
| Бишкек ш. | 12354 | 24.1 | 133.0 |
| Жалал-Абад | 7059 | 13.8 | 113.9 |
| Нарын | 3540 | 6.9 | 116.1 |
| Ош | 7297 | 14.3 | 113.3 |
| Ош ш. | 2457 | 4.8 | 124.9 |
| Талас | 2048 | 4.0 | 120.3 |
| Чүй | 7530 | 14.7 | 115.1 |
| Ысык-Көл | 5076 | 9.9 | 117.3 |
| **Өлкө боюнча бардыгы:** | **51183** | **100.0** | **119.9** |

| Тарых боюнча тест | саны | % | орточо көрсөткүч |
|---|---|---|---|
| Баткен | 1800 | 9.1 | 61.3 |
| Бишкек ш. | 3444 | 17.5 | 65.0 |
| Жалал-Абад | 2824 | 14.3 | 61.2 |
| Нарын | 2010 | 10.2 | 62.0 |
| Ош | 3218 | 16.3 | 59.4 |
| Ош ш. | 865 | 4.4 | 64.1 |
| Талас | 928 | 4.7 | 62.1 |
| Чүй | 2243 | 11.4 | 61.9 |
| Ысык-Көл | 2396 | 12.1 | 62.3 |
| **Өлкө боюнча бардыгы:** | **19728** | **100.0** | **62.0** |

| Биология боюнча тест | саны | % | орточо көрсөткүч |
|---|---|---|---|
| Баткен | 1170 | 8.7 | 56.4 |
| Бишкек ш. | 2653 | 19.7 | 66.3 |
| Жалал-Абад | 2327 | 17.3 | 57.4 |
| Нарын | 751 | 5.6 | 57.4 |
| Ош | 2312 | 17.1 | 58.4 |
| Ош ш. | 799 | 5.9 | 60.1 |
| Талас | 499 | 3.7 | 58.6 |
| Чүй | 1674 | 12.4 | 59.3 |
| Ысык-Көл | 1303 | 9.7 | 58.8 |
| **Өлкө боюнча бардыгы:** | **13488** | **100.0** | **59.8** |

| Кыргыз тили жана адабияты боюнча | саны | % | орточо көрсөткүч |
|---|---|---|---|
| Баткен | 714 | 14.4 | 68.3 |
| Бишкек ш. | 353 | 7.1 | 67.9 |
| Жалал-Абад | 799 | 16.1 | 68.0 |
| Нарын | 553 | 11.1 | 70.2 |
| Ош | 1429 | 28.8 | 69.0 |
| Ош ш. | 154 | 3.1 | 69.1 |
| Талас | 198 | 4.0 | 69.3 |
| Чүй | 332 | 6.7 | 65.7 |
| Ысык-Көл | 429 | 8.6 | 68.5 |
| **Өлкө боюнча бардыгы:** | **4961** | **100.0** | **68.6** |

| Химия боюнча тест | саны | % | орточо көрсөткүч |
|---|---|---|---|
| Баткен | 963 | 8.6 | 55.7 |
| Бишкек ш. | 2250 | 20.1 | 61.9 |
| Жалал-Абад | 2037 | 18.2 | 55.4 |
| Нарын | 528 | 4.7 | 56.8 |
| Ош | 1989 | 17.8 | 56.5 |
| Ош ш. | 709 | 6.3 | 59.5 |
| Талас | 380 | 3.4 | 57.4 |
| Чүй | 1275 | 11.4 | 56.0 |
| Ысык-Көл | 1039 | 9.3 | 57.2 |
| **Өлкө боюнча бардыгы:** | **11170** | **100.0** | **57.6** |

| Орус тили жана адабияты боюнча | саны | % | орточо көрсөткүч |
|---|---|---|---|
| Баткен | 324 | 9.6 | 59.7 |
| Бишкек ш. | 583 | 17.2 | 72.9 |
| Жалал-Абад | 471 | 13.9 | 60.9 |
| Нарын | 220 | 6.5 | 62.9 |
| Ош | 683 | 20.1 | 57.7 |
| Ош ш. | 192 | 5.7 | 69.2 |
| Талас | 141 | 4.2 | 67.4 |
| Чүй | 491 | 14.5 | 66.5 |
| Ысык-Көл | 286 | 8.4 | 65.4 |
| **Өлкө боюнча бардыгы:** | **3391** | **100.0** | **64.3** |

| Математика боюнча тест | саны | % | орточо көрсөткүч |
|---|---|---|---|
| Баткен | 1157 | 8.9 | 57.2 |
| Бишкек ш. | 3041 | 23.3 | 65.4 |
| Жалал-Абад | 1860 | 14.3 | 56.7 |
| Нарын | 896 | 6.9 | 58.1 |
| Ош | 2104 | 16.1 | 55.8 |
| Ош ш. | 737 | 5.7 | 61.7 |
| Талас | 522 | 4.0 | 58.7 |
| Чүй | 1502 | 11.5 | 54.3 |
| Ысык-Көл | 1222 | 9.4 | 57.6 |
| **Өлкө боюнча бардыгы:** | **13041** | **100.0** | **58.9** |

| Англис тили боюнча тест | саны | % | орточо көрсөткүч |
|---|---|---|---|
| Баткен | 779 | 6.5 | 72.2 |
| Бишкек ш. | 3342 | 28.0 | 90.3 |
| Жалал-Абад | 1429 | 12.0 | 72.2 |
| Нарын | 791 | 6.6 | 71.2 |
| Ош | 1676 | 14.0 | 70.0 |
| Ош ш. | 845 | 7.1 | 85.6 |
| Талас | 455 | 3.8 | 75.2 |
| Чүй | 1388 | 11.6 | 78.6 |
| Ысык-Көл | 1232 | 10.3 | 74.9 |
| **Өлкө боюнча бардыгы:** | **11937** | **100.0** | **79.0** |

| Физика боюнча тест | саны | % | орточо көрсөткүч |
|---|---|---|---|
| Баткен | 381 | 7.0 | 56.9 |
| Бишкек ш. | 1066 | 19.5 | 62.2 |
| Жалал-Абад | 642 | 11.8 | 55.8 |
| Нарын | 501 | 9.2 | 55.8 |
| Ош | 783 | 14.4 | 55.7 |
| Ош ш. | 265 | 4.9 | 56.8 |
| Талас | 200 | 3.7 | 56.3 |
| Чүй | 757 | 13.9 | 58.4 |
| Ысык-Көл | 861 | 15.8 | 57.6 |
| **Өлкө боюнча бардыгы:** | **5456** | **100.0** | **57.8** |

# II тиркеме.

## Предметтик тесттердин жыйынтыктарынын гистограммалары жана таблицалары

## Кыргыз Республикасы
## 2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.
## Предметтик тесттер

Биология боюнча тестке катышуучулар

| тест өткөрүү тили | тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын максималдык көрсөткүчү | тест упайларынын минималдык көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 8524 | 57.1 | 131 | 13 |
| Орус | 4964 | 64.4 | 142 | 20 |
| Бардыгы: | 13488 | 59.8 | 142 | 13 |

**Абитуриенттердин биология боюнча топтогон упайына жараша сан жагынан бөлүнүшү**




Химия боюнча тестке катышуучулар

| тест өткөрүү тили | тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын максималдык көрсөткүчү | тест упайларынын минималдык көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 6960 | 55.7 | 131 | 16 |
| Орус | 4210 | 60.6 | 150 | 20 |
| Бардыгы: | 11170 | 57.6 | 150 | 16 |

**Абитуриенттердин химия боюнча топтогон упайына жараша сан жагынан бөлүнүшү**



**Кыргыз Республикасы**
**2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.**
**Предметтик тесттер**

Англис тили боюнча тестке катышуучулар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын максималдык көрсөткүчү | тест упайларынын минималдык көрсөткүчү |
|---|---|---|---|
| 11937 | 79.0 | 150 | 36 |

**Абитуриенттердин англис тили боюнча топтогон упайына жараша сан жагынан бөлүнүшү**




Математика боюнча тестке катышуучулар

| | тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын максималдык көрсөткүчү | тест упайларынын минималдык көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|
| Орус | 5028 | 62.8 | 150 | 16 |
| Кыргыз | 8013 | 56.4 | 148 | 13 |
| Бардыгы: | 13041 | 58.9 | 150 | 13 |

**Абитуриенттердин математика боюнча топтогон упайына жараша сан жагынан бөлүнүшү**



**Кыргыз Республикасы**
**2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.**
**Предметтик тесттер**

Тарых боюнча тестке катышуучулар

| тест өткөрүү тили | тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын максималдык көрсөткүчү | тест упайларынын минималдык көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 13918 | 60.9 | 131 | 20 |
| Орус | 5810 | 64.7 | 142 | 20 |
| Бардыгы: | 19728 | 62.0 | 142 | 20 |

**Абитуриенттердин тарых боюнча топтогон упайына жараша сан жагынан бөлүнүшү**




Физика боюнча тестке катышуучулар

| тест өткөрүү тили | тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын максималдык көрсөткүчү | тест упайларынын минималдык көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 3547 | 55.6 | 128 | 20 |
| Орус | 1909 | 61.9 | 150 | 24 |
| Бардыгы: | 5456 | 57.8 | 150 | 20 |

**Абитуриенттердин физика боюнча топтогон упайына жараша сан жагынан бөлүнүшү**



**Кыргыз Республикасы**
**2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.**
**Предметтик тесттер**

"Кыргыз тили жана адабияты" боюнча тестке катышуучулар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын максималдык көрсөткүчү | тест упайларынын минималдык көрсөткүчү |
|---|---|---|---|
| 4961 | 68.6 | 139 | 24 |

**Абитуриенттердин "Кыргыз тили жана адабияты" боюнча топтогон упайына жараша сан жагынан бөлүнүшү**




"Орус тили жана адабияты" боюнча тестке катышуучулар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайларынын максималдык көрсөткүчү | тест упайларынын минималдык көрсөткүчү |
|---|---|---|---|
| 3391 | 64.3 | 139 | 20 |

**Абитуриенттердин "Орус тили жана адабияты" боюнча топтогон упайына жараша сан жагынан бөлүнүшү**



# III тиркеме.

## Негизги тесттин бөлүмдөрү жана предметтик тесттер боюнча кыздардын жана уландардын жыйынтыктары

## Кыргыз Республикасы
## 2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.

### Кыздар

Жалпы республикалык тестке катышуу

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|
| 28979 | 123.3 | 30.8 | 0.92 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| гранттык орундарга кабыл алынгандар-дын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|
| 2725 | 151.7 |

**Негизги тестке катышкан кыздардын топтогон упайларына жараша бөлүнүшү**




### Уландар

Жалпы республикалык тестке катышуу

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|
| 22204 | 115.4 | 32.9 | 0.93 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| гранттык орундарга кабыл алынгандар-дын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|
| 1686 | 144.8 |

**Негизги тестке катышкан уландардын топтогон упайларына жараша бөлүнүшү**



## Кыргыз Республикасы
## 2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.
## Уландар жана кыздардын негизги тесттин "Математика" бөлүмүндөгү жыйынтыгы

### Кыздар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|
| 28979 | 25.5 | 10.3 | 0.84 |

**Кыздардын 'Математика' бөлүмүнөн алган упайларына жараша бөлүнүшү**




### Уландар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|
| 22204 | 25.1 | 11.1 | 0.86 |

**Уландардын 'Математика' бөлүмүнөн алган упайларына жараша бөлүнүшү**



## Кыргыз Республикасы
## 2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.
## Уландар жана кыздардын негизги тесттин "Окшоштуктар жана сүйлөмдөрдү толуктоо" бөлүмүндөгү жыйынтыгы.

### Кыздар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|
| 28979 | 34.7 | 10.1 | 0.72 |

**Кыздардын 'Окшоштуктар жана сүйлөмдөрдү толуктоо' бөлүмүнөн алган упайларына жараша бөлүнүшү**




### Уландар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|
| 22204 | 32.7 | 10.9 | 0.75 |

**Уландардын 'Окшоштуктар жана сүйлөмдөрдү толуктоо' бөлүмүнөн алган упайларына жараша бөлүнүшү**



**Кыргыз Республикасы**
**2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.**
**Уландар жана кыздардын негизги тесттин "Текстти окуу жана түшүнүү" бөлүмүндөгү жыйынтыгы.**

## Кыздар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|
| 28979 | 30.9 | 10.0 | 0.75 |

**Кыздардын "Текстти окуу жана түшүнүү" бөлүмүнөн алган упайларына жараша бөлүнүшү**




## Уландар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|
| 22204 | 28.7 | 10.9 | 0.79 |

**Уландардын "Текстти окуу жана түшүнүү" бөлүмүнөн алган упайларына жараша бөлүнүшү**



**Кыргыз Республикасы**
**2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.**

## Уландар жана кыздардын негизги тесттин "Эне тилдин практикалык грамматикасы" бөлүмүндөгү жыйынтыгы.

### Кыздар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|
| 28979 | 30.2 | 9.7 | 0.75 |

**Кыздардын 'Эне тилдин практикалык грамматикасы' бөлүмүнөн алган упайларына жараша бөлүнүшү**




### Уландар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|
| 22204 | 26.1 | 9.5 | 0.72 |

**Уландардын 'Эне тилдин практикалык грамматикасы' бөлүмүнөн алган упайларына жараша бөлүнүшү**



**Кыргыз Республикасы**
**2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.**

**Уландар жана кыздардын предметтик тест боюнча жыйынтыгы.**

**Биология**

**Кыздар**

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү |
|---|---|---|
| 9343 | 59.5 | 16.2 |

**Кыздардын биология боюнча алган упайларына жараша бөлүнүшү**




**Уландар**

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү |
|---|---|---|
| 4145 | 60.5 | 16.9 |

**Уландардын биология боюнча алган упайларына жараша бөлүнүшү**



## Кыргыз Республикасы
## 2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.

### Уландар жана кыздардын предметтик тест боюнча жыйынтыгы.
### Химия

### Кыздар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү |
|---|---|---|
| 7728 | 57.4 | 15.2 |

**Кыздардын химия боюнча алган упайларына жараша бөлүнүшү**




### Уландар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү |
|---|---|---|
| 3442 | 58.0 | 16.3 |

**Уландардын химия боюнча алган упайларына жараша бөлүнүшү**



**Кыргыз Республикасы**
**2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.**

## Уландар жана кыздардын предметтик тест боюнча жыйынтыгы.
## Математика

### Кыздар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү |
|---|---|---|
| 6247 | 59.0 | 20.7 |

**Кыздардын математика боюнча алган упайларына жараша бөлүнүшү**




### Уландар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү |
|---|---|---|
| 6794 | 58.8 | 22.8 |

**Уландардын математика боюнча алган упайларына жараша бөлүнүшү**



**Кыргыз Республикасы**
**2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.**

## Уландар жана кыздардын предметтик тест боюнча жыйынтыгы.
## Физика

### Кыздар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү |
|---|---|---|
| 1375 | 56.9 | 12.6 |

**Кыздардын физика боюнча алган упайларына жараша бөлүнүшү**




### Уландар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү |
|---|---|---|
| 4081 | 58.1 | 14.2 |

**Уландардын физика боюнча алган упайларына жараша бөлүнүшү**



**Кыргыз Республикасы**
**2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.**

**Уландар жана кыздардын предметтик тест боюнча жыйынтыгы.**

**Тарых**

## Кыздар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү |
|---|---|---|
| 11328 | 62.5 | 14.0 |

**Кыздардын тарых боюнча алган упайларына жараша бөлүнүшү**




## Уландар

| тестке катышкан-дардын саны | тест упайлары-нын орточо көрсөткүчү | тест упайлары-нын стандарттык чектөөсү |
|---|---|---|
| 8400 | 61.5 | 14.6 |

**Уландардын тарых боюнча алган упайларына жараша бөлүнүшү**



**Кыргыз Республикасы**
**2022-жылдагы Жалпы республикалык тест.**

## Уландар жана кыздардын предметтик тест боюнча жыйынтыгы.

